

## 5 Азандын үнү жеткен жерден шайтан-шабыр качат

5



## 9 Токтогулда тоо туризмин өнүктүрсө болот

9

САРЕСЕП
saresep.kg
21-июль, 2016-жыл
№28 (61)
Калыс көз караш!

# Токтогул - суунун кенчи, ырдын кенчи, балыгы, балы, тузу - дары-эмчи



4-9-беттерде



### Мектеп программасы башка, ЖРТ программасы башка

7-бетте



### Эрдоган «пушистый» жана Гүлен «супермэн»

11-бетте



### Манас Ниязов: «Күнүм көк бөрү менен өтөт»

14-бетте

Сaресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!



# Кыргызстанга канча турист келет

2012, 2013, 2014-жылдар аралыгында Кыргызстанга КМШ өлкөлөрүнөн башка чет өлкөлүк туристтер көп келишкен. Бул тууралуу Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун отчётунда айтылган.

2014-жылы КРга 6,399 турист келсе, 2013-жылы 1, 357, 2012-жылы 1, 910 турист келген.

Ошол эле учурда КМШ өлкөлөрүнөн келген туристтердин саны да азайган. 2012-жылы КРга 45. 352 адам келсе, 2013-жылы 14, 826, 2014-жылы 3,929 адам КМШ өлкөлөрүнөн эс алганы келишкен.



# Кыргызстанда кылмыштуулук азайып жатат

2016-жылдын алты айынын ичинде Кыргызстанда кылмыштуулуктун саны 12, 755ке жеткен. 2015-жылы бул көрсөткүч 13,708 болгон. Катталган кылмыштар былтыркы жылга салыштырмалуу 5,3 пайызга азайган. Бул тууралуу ИИМдин Башкы штабынын жетекчиси Бактыгул Абдыжалиев өткөн күнү Бишкекте болгон пресс-конференцияда билдирген.

Анын айтымында, бул жетишкендик ИИМдин жүргүзгөн оперативдик-кызматтык жана профилактикалык ишине байланыштуу.

2016-жылы коомдук жайларда 1,323 кылмыш иши катталса, 2015-жылы 1, 547 кылмыш катталган. Бул былтыркы жылга салыштырмалуу кылмыш 14,4 пайызга аз дегенди билдирет.Ал эми көчөлөрдө бул жылы 492-кылмыш катталса, былтыр 619 кылмыш катталып, 20, 5 пайызга азайган.

Ал эми патрулдук кызматтын түзүлүшү менен чакырык болгон соң 3-5 мүнөт аралыгында кылмыш болгон жерге милиция кызматкерлери жетип келип, кылмыштын алды алынып жатат.

2016-жылы 2, 466 жол кырсыгы катталса, 2015-жылы 3, 032 эреже бузуу катталып, былтыркы жылга салыштырмалуу 18, 6 пайызга азайган. Көз жумгандардын саны 441ден 397ге чейин түшүп, 9,9 пайызга азайган.

Ошондой пресс-конференцияда эле патрулдук милициянын жетишпеген жактары да айтылды. Балдардын өлүмүнө себепкер болгон жол кырсыгы 25 пайызга өсүп кеткен. Былтыркы жылы 578 окуя катталса, быйыл бул сан725-ке жеткен. Көз жумган балдардын саны 41ден 67ге чейин жеткен. Жаракат алгандардын саны 652 ден 796 га жетип, 22 пайызга көтөрүлгөн.



# Этникалык кыргыздар “солто” болмой болушту

Тажикстандан келген этникалык кыргыздардын тобу “Солто” коомдук бирикмесине кошулушту. Алар бул тууралуу өткөн күнү АКИпрессте өткөргөн пресс-конференцияда билдиришкен.

Этникалык кыргыздардын тобунун өкүлү катары Абдулазиз Орунбеков “Солто” коомдук бирикмесине 20 000ден ашуун этникалык кыргыз үй-бүлөлөрү кошулганын айтты. “Коомго кошулгандардын туура санын айтыш кыйын. Эгерде бир үй-бүлөдө жок дегенде бештен эле адам болгон күндө да, биздин саныбыз 100 000ден ашат экен. Ал эми Тажикстанда бул коомго кошулууну каалаган этникалык кыргыздардын саны мындан да көп. Бирок Кыргызстандын паспортун алууда этникалык кыргыздарга кыйынчылыктар жаралды. КР жарандыгын алыш үчүн “Кайрылман”коомдук бирикмесине катталыш керек”, - деп сөзүн жыйынтыктады.




# Обама менен Эрдоган телефондон сүйлөштү

АКШ президенти Барак Обама менен Түркия президенти Режеп Таййип Эрдоган телефон аркылуу сүйлөштү. Анда Обама Түркиядагы төңкөрүштү ишке ашыргандардын бетин ачууда АКШ жардамга кол сунууга даяр экенин айтты.

Эрдоган менен Обама Түркиядагы төңкөрүштү уюштургандардын ишин тергөө маселесин талкуулап, Обама АКШ тарап тергөө иштерине жардамчы болорун кошумчалаган. Ошондой эле түрк өкмөтүнүн төңкөрүшчүлөргө карата кызуу кандуу чечимдерди чыгаруудан алыс болууга чакырган.

15-июлдагы Түркияда болгон аскердик төңкөрүш аракетинен соң, өлкөдө өлүм жазасын кайра киргизүү маселеси каралууда. Бирок буга эл аралык коомчулук каршы чыгып, Түркияны сабырдуулукка үндөп жатат.

Түркияда болуп өткөн козголоңдон кийин 7, 500дөн ашык адам камалып, миңдеген кишилер кызматтан алынган. Алардын көбү аскер адамдары, прокурорлор, соттор, жергиликтүү жетекчилер эле. Түркиянын улуттук чалгындоо кызматынын 100 кызматкери, 31 губернатор, 40 аким, 8,500 полиция кызматкерлери, 3000ге жакын сот, прокурор жана тергөөчү, 6000ден ашык офицер болгон. Ошондой эле бул каргашадан агартуу тармагында эмгектенген мугалимдер да жабыр тартышкан. Университеттерден 1577 декан бошотулса, Билим берүү министрлиги жеке институттардагы 21000 мугалимдин лицензияларын жараксыз деп тапкан. 15, 200 мектептин, жеке институттардын мугалимдери, Үй-бүлө жана социалдык кызмат министрлигинин 399 кызматкери, Каржы министрлигинин 1, 500 кызматкери ишсиз калды.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Токтогулга токтоп өт, айланайын калайык!

«Саресеп» гезитинин жамааты Кыргызстаныбыздын бардык аймактарын кыдырып чыгууну максат кылган. Өткөн айда Нарын облусунан материал даярдаганбыз. Максатыбыз – биринчиден, ички туризмди өнүктүрүүгө салым кошуу, экинчиден, жергиликтүү кабарчы издөө, үчүнчүдөн, ой-жорум берген адамдардын байланыш телефондору менен интернет почтосун алуу.

Барган аймактын кызыктуу жерлери, тамак-ашы жана адамдары менен кыргыздарды тааныштыруу биздин парзыбыз. Тамагына келгенде Токтогулдун балы биринчи орунда турат. Аны «тазасы» деп көбүнчөсү кыргыздын орус уруусунун өкүлдөрү сатышат экен. Түшсөң «Салоом алейкум» деп учурашып, кеткенде да колуңду кош колдоп кысып узатат. Кыргызча сүйлөгөнгө аябай аракет кылышып, баасын 400дөн 325 сомго түшүрүп сатышты. Суусамырдан чыга бергенде «тыбыт» деп чөбөгө аралаш сүзмөдөн кургатылган даамдуу куруттун кили 280 сом. Аны саяк уруусунун кыргыздары сатат экен. Суусамырдын куурдагы менен кымызы бири-бирине жарашкан. Бири-бирин толуктайт, жакшы сиңет, божуратып сүйлөтөт. Ар бири орточо кесеге атайын уютулган, каймагы былкылдаган муздак айран бар. Токтогулда гана сатылган, даамы Соң-Көлдүн пелетинен калышпаган сайдын форелинин баасы Бишкектеги жасалма форелдикинен кымбат. Аны түшүнсө болот. Токтогулдун борбордук паркында жасалып сатылган балмуздак шумдук таттуу. Кыздарыбыз «Мындай даамдуу балмуздактын ыстаканын Бишкекте 50 сомдон сатсаң талап кетет» деп чурулдашты. Токтогулдагы баасы болгону 10 сом. Токтогул суу сактагычынын суусу Ысык-Көлдөн кем эмес экен. Суусу жылуу, бирок конок тосуу кызматын жакшыртуу керек. Токтогул Сатылганов бабабыздын музейине кытайлык кыргыздар көп каттай башташыптыр. Токтогул, Коргоол аталарыбыз бир жерде жатат экен. Аларга Куран окуй кетүү ар бир кыргызга парз. Кыскасы, Токтогулга барып эс албаган кыргыз Кыргызстанды кыдырдым дебей эле койсун.

Токтогулда бийликчил партиялардын биринин лөк депутаттары менен каптašып калдык, капыстан. Алар министрликтердин өкүлдөрүн алдыга салып алып элет жерин кыдырып жүрүптүр. Бир облуска бир жума короутп атыптыр. Кыясы Жогорку Кеңешке шайлоо эртелеп келчүдөй көрүнөт. Кабактарды чытып алышкан, айыл жана шаар активтери менен жолугуп, убадаларын жаадырып жүрүшөт. Эби келе калса Ажону мактап, кеби келе калса партиясын жактап отурушту. Мурункудай өкмөттүн өкүлдөрүн тилдеп, элди мажбурлоо жок. Эки тарап тең керек. Дипломатия! Кеп-кеңеш кылышып, ким болбосун сылык мамиле кылганга аракет кылуусу демократиянын жышааны. Кудайга шүгүр, түштө баары куландай соо. Ылайым соо болушсун. Өлкөнү да соо коюшсун. Өнүктүрүшсүн. Оомийиин!

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 45 48 68, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6200**
**Буйрутма № 1636**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Бул китепте кыргыздын бир дагы баалуулугу жок

**Бүбү Мариямдын авторлугу менен жазылган он томдук «Айкөл Манас» китеби 1995-жылдан тарта чыга баштаган. Аталган китеп жарык көргөндөн кийин кыргыз коомчулугунда «Манас» эпосун изилдеген Манас таануучулар, окумуштуулар, адабиятчылар өздөрүнүн ар кыл пикирлерин билдиришкен. Ал эми Жумгал райондук соту ишти карооого алып, Кылмыш жаза процессуалдык кодексинин 10, 60 жана 197-беренелери боюнча китепти экстремистик маанайда деп тапты. Ошондон улам аталган китеп чын эле экстремисттик китеп болушу мүмкүнбү? Бул китепти окуган калкка кандайдыр бир коркунуч жаратабы деп Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун бөлүм башчысы Рыскул Жолдошев агайга кайрылдык:**



– Бул чыгарма чынын айтканда салттуу "Манас" эпосун ачыктан-ачык бурмалоо болуп эсептелет. Эч кандай "Айкөл Манастын" варианты эмес. Вариант болуш үчүн негиздүү окуянын бир өзгөчөлүгү болуш керек. Бул китепте Манасты негизги каарман кылып алган, бирок ичиндеги окуялар өзгөртүлгөн. Каармандардын баары Иран менен байланыштырылып, кыргыздын бир дагы баалуулугу жок. Китепте түздөн-түз колго курал алып көчөгө чыккыла дебейт. Бирок, кыргыз элинин тарыхый, руханий аң-сезимине зыян келтирип жатат. Ошондуктан сот ушундай чечим чыгарса керек деп ойлойм. Асмандан түшкөн Жайсаң деген киши кыргызды диний багытка бөлүп, "Баарыңар ушундай болгула" деп адашкан ишенимге чакырууда. Ошол себептен бул китепке тыюу салгандын өзүн туура эле деп ойлойм. Кыргыздын руханий байлыгын ар ким ар кандай кылып ойногонго тыюу салыш керек. Эртеңки күнү мен Манасты тап-такыр башкача кылып жазып туруп, Манастын варианты десем, мага да тыюу салынышы керек. Бул китеп адамдын руханий, эстетикалык кабыл алуусуна коркунуч келтирүүдө. Ал жерде ыплас, бузуку көрүнүштөр айтылат. Бул жазылгандын баары кийинки муунга коркунуч алып келет. Курал-жарак коркунучу бир-эки адамга зыянын тийгизиши мүмкүн. Ал эми руханий коркунуч этностун баарына коркунуч, зыян алып келет. Ошондуктан сот туура кылды деп ойлойм.

# ПМ: «Тонировкалар» сыйрылат

**Өкмөттүн жаңы токтомуна ылайык, автоунаалардын терезелерин караңгылатууга КРнын президенти, Премьер-министри, ЖКнын жана Жогорку соттун төрагасы, аларды коштоп жүргөн жан сакчылардын унааларына, УКМКнын 9-башкармалыгына уруксат берилген. Ошондой эле, акча жана баалуу буюмдарды ташыган «Кыргыз инкассация» менен абактагы соттолуучу, же айыпталуучу жарандарды ташыган кызматтар гана ушундай укукка ээ болду. Башкы прокурор, министрлер, кылмыш иликтөө кызматкерлери жана башка бардык мекемелер мындан ары терезелерин караңгылата албайт. Мына ушул теманын алкагында Бишкек шаардык Патрулдук милиция башкармалыгынын башчысынын биринчи орун басары Сейитбек Бейшеналиевге кайрылып, төмөнкүдөй жоопторду алдык.**



– Көбүнчө жаш балдар коездук үчүн, белгилүү бир адамдар жүзүн жашыруу үчүн ушул ишке барышат. Ал эми буга чейин укук корго органдарына, атайын кызматтарга уруксат бар болчу. Алар ыкчам операция жана башка иштерде сырдуулукту сактоо үчүн терезелерин караңгылатышчу.

Тонировкаларды сыйруунун негизги максаты – кылмыштуулук менен күрөшүү. Себеби караңгылатылган автоунаанын ичинде ким олтурганы, эмне кылып жатканы көрүнбөйт. Уюшкан кылмыштуу топтор да ушул ыкманы колдонгусу келет. Ошондуктан, ачык айкын болсун деген талап коюлуп жатат.

Азыр биздин министр баш болуп терезелерин тазалады. Менин оюмча бул долбоордун авторлору башаламандык болбой, баарына бирдей мамиле болсун деген окшойт. Өкмөт ушундай кааласа, биз баш иебиз.

Караңгылатууну Токтом кимге уруксат берсе, ошол эле кызматтагылар мындай мүмкүнчүлүктү колдоно алат. Калган жарандар, мамлекеттик кызматкерлер, ооруу, же башка шылтоолор менен да уруксат ала албайт.

Патрулдук милициянын кызмакерлери атайын рейддерди жүргүзүп, коюлган тапшырмаларды так аткарып жатат деп айта алам. Мындан ары да ушундай болот. Биз баарын көзөмөлгө алабыз. Ошол эле учурда, жол эрежелерин сактап, мыйзамга баш иели деп жарандарга да кайрылып кетет элем. Бир кичинекей ката, чоң кырсыктарга себепкер болуп калат. Өзүңүздүн жана башкалардын өмүрүнө кайдыгер карабоону өтүнүп кетебиз.

# Жасалма паспорт менен 5 жылга соттолосуң

**Акыркы убакта көзөмөл өткөрмө жайы аркылуу башка адамдардын паспорту же болбосо жасалма паспорт менен өткөн учурлар көп катталууда.Эң өкүнүчтүүсү ошол жарандар мунун кылмыш иши экенин, 5 жылга чейин эркинен ажырап каларын сезишпейт. Эмесе, чек арадан өтүүдө жарандар эмнеге көңүл бурушу керек, бул багытта кандай мыйзам бузуулар катталат? деген суроолор менен Кыргыз республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Чек ара көзөмөл башкармалыгынын башчысы, полковник Мирланбек Сарлыкбек уулуна кайрылдык.**



– Жарандар чек арадан өтөрдө кандай документтер талап кылынарын билиши керек. КР тышкы миграция жөнүндөгү мыйзамынын 42-беренесине жараша, Кыргызстанга кирүүгө жана чыгууга укук берүүчү документ — жалпы жарандык паспорт, дипломатиялык паспорт, кызматтык паспорт жана кайтып келүү күбөлүгү болуп эсептелет. Андан тышкары, Орусия жана Казакстан менен түзүлгөн келишимдердин негизинде ID карт менен өтсө да болот. Бойго жете элек жарандар туулгандыгы тууралуу күбөлүк менен өтө алат. Ошондой эле бойго жете элек балдарды сыртка уурдап же алдап алып кетүү фактыларына жол бербөө үчүн ата-энеси тарабынан нотариустан тастыкталган ишеним кат талап кылынат. Бул маалыматтарды мыйзамдан окуп, Мамлекеттик чек ара кызматынын сайтынан таанышса болот.

Орто эсеп менен алганда бардык чек ара көзөмөл өткөрүү жайларынан 40-50 миңдей жаран өтүп турат. Алардын 30 миңге жакыны Бишкекке жакын жайгашкан Ак-Жол көзөмөл пункту аркылуу кыргыз-казак чек арасынан өтөт.

Ал эми көзөмөл өткөрүү жайы аркылуу башка адамдардын паспорту, жасалма паспорт менен өткөн учурлар акыркы убакта өтө көп катталууда. Өзгөчө эмгек мигранттарында ушундай мыйзам бузуулар көп кайталанат. Казакстандын, же Орусиянын кара тизмесине кирип калышат да, кайра келип туугандарынын паспорту менен барууга аракет кылат. Же болбосо паспорттогу атын-жөнүн, сүрөтүн алмаштырат. Эң өкүнүчтүүсү ошол жарандар мунун кылмыш экенин, 5 жылга чейин эркинен ажырап каларын сезишпейт. Мындай мыйзам бузуулар былтыркы жылга салыштырмалуу көбөйүп баратат.

# Үйсүз жарандар маршы бийликтегилерди ойлондурар

**"Турак –жай Курулуш Кооператив" коалициясы 1-августта үйсүздөр маршын уюштурууну пландоодо. "Мага үй керек" урааны менен Горький сейил багында өтчү маршка өлкөбүздөгү турак-жайлары жок жарандар катышат. Айтылуу иш-чаранын максатын билүү ниетинде коалициянын төрагасы Нурлан Асановго кайрылдык:**



– Биз мамлекетибиз үчүн өзүбүз тараптан 70 пайыз ишти жасап койдук. Азыркы кездеги татаал экономикалык убакта биз үйсүз жарандарыбызга турак-жай куруп бере турган инвестор таптык. Табылган инвестор кете турган чыгашаларды толугу менен көтөрөт. Ар түрдүү божомолдор кетип жаткандыгынан биз расмий түрдө өкмөткө кайрылдык. Бирок саясий чагымчылыктан улам бир катар түшүнбөстүктөр болууда. Баарыңар билгендей, өлкөбүздө эмне гана окуя болбосун артында бирөө турат деген ой кетет. Бирок биздин уюм эл-журттун демилгеси, өлкөбүздө үйлөр курулсун деген адамдардын каалоосу менен түзүлдү. Биз үй алчу адамдардын санын 10 000ге жеткизгенде, биздин бийликтегилер аркабызда ким турат? деп каза баштады. Бирок мен өзүм тууралуу айтсам, бул ишти баштаганыма, өлкө башчыбыздын сөзү себепкер болду. Ал так бул үй алуу көйгөйү бышып жеткенин, маселени колго алуу убактысы келгенин айткан соң, уюм түзүлдү. Алгач инвестор табуу керек болду. Биз таптык. Ага кошумча биздин уюмду колдогон адамдар табылды. Алар өз акчалары менен башынан баштап жардам бере баштагандыктан, бүгүнкү күндө финансылык жактан бутубузда бекем турабыз. Өкмөттө иштеген адамдар биз жөн гана уюм ачып койбостон, алдыда ишке ашыра турган чындап максаттарыбыз бар экенин түшүнүшсө жакшы болор эле. Себеби ишти 70 пайыз бүтүрүп мамлекет чеччү бир катар суроолор эле калганда, жоопттондурбай кармап жатышат. Ошол себептүү биз максатыбызга жетүү үчүн марш уюштуруп жатабыз. Маршка келген адамдардын санын көргөндө ошондо мамлекет башындагылар ойлонуп калышар.

# Токтогул балыгы койдон барктуу

Токтогул шаары өзүнүн даамдуу балыгы менен таанымал. Аймактагы балык чарбачылыгы күндөн-күнгө жанданып келет. Баладай камкордукту талап кылган түйшүгүнө карабай, чарбалык ишти аркалап келе жаткан Борбиев Аманжан балык багууну жогорку деңгээлде өздөштүргөн. Кичи бизнесин кылдыратып жүргүзүп жаткан Аманжан агай менен балык багуунун оош-кыйыштары жөнүндө баарлаштык



## Балык багууну агам экөөбүз баштадык

Атам өмүр бою ушул жерде тегирмен жүргүзүп иштеген. Мурун бул жерлерде балык көп болчу. Кийин союз таркагандан кийин жерлер ээн калды. Ошол маалда агам заманга жараша шаардан балык баккандарды көрүп, балык багалы деп сунуш кылды. Ошентип агам экөөбүз бул ишти баштаганбыз. Бизнести жүргүзүп жатканыбызга 8 жыл болуп калды. Балыктар чуңкурларга бөлүнгөн бассейндерде багылат. Жылда бир-эки чуңкурдан кошуп, кеңейтип турабыз. Азыр 14 чуңкур бар. Балыктын форель деген түрүн багабыз.

## Форель өтүмдүү балык

Форелди багуубуздун себеби, ал өтүмдүү болуп, бат да жетилет. Жагымдуу шарттарда багылса, бир жылда эле сатыкка чыгат. Союз кезинде “Жаратылышты коргоо” деген уюм жакшы иштечү. Ошол учурду сураштырып көрсөм, миң көнөкбаштын 400ү гана жетилчү экен. Калганы чыгашага кетчү. Биз болсо азыр ар бирин өзүнчө санап жатабыз. Жадакалса, өлгөнүн да эсептейбиз. Ал эми илгери эсебин жөн эле чыгарып коюшчу.

## Бизде балык оорусу боюнча адистер жок

Балык багууда көп кыйынчылыктар бар. Анын баарын айтып олтурса, сөз жетпейт. Балык багуу сырттан караган кишиге оңой көрүнөт экен. Чындыгында, бул иш көп каражатты талап кылат. Мунун оорусу бар, өлгөн-житкени көп болот экен дегендей. Чоңойгончо жаш баладай эле карайсың. Жеми кымбат. Себеби бизде буларга ылайык атайын чыгарылган жем жок. Баары Европадан келет. Жергиликтүү жемдерди жасаса болот. Бирок Европадан келген жемдерде балык оорууларына каршы атайын антибиотиктер бар. Көпчүлүк балыктардын оорусун билбейт. Балык оорулары боюнча Кыргызстанда атайын адистер жок. Бизде ветеринардык окуу болгону менен, балык өстүрүү боюнча атайын окуу жай жок. Айыл-чарба институтуна “Ачабыз” деп жатышканын уккандай болгом. Балык өстүрүү боюнча союз убагынан калган адистер бар. Бирок алардын ичинде да балыктын оорусун билгендери жок. Өкмөттүн деңгээлинде да балык дарылоо жок экен. Жеке ишканалар гана дарылашат. Бул боюнча мен атайын Түркияга да барып келгем. “Балыктын оорусу кандай болот” деп суроо берсек, “Ал боюнча адистер Америкада жана Орусияда эле бар” деп жооп беришкен. Алар дагы жеке ишканалардыкы экен. Балыкты дарылап, дарыгер жалдоо биздин колубуздан келбейт. Ошол себептүү Европадан келген жемдерди алабыз. Өзүбүздө жем жасагандарды билбейм. Жасаган күндө да эффективдүү болбой, балык чоңойбой коюшу мүмкүн.



## Жылына 10 тонна балык өндүрөбүз

Биздин балыктарды эл жакшы кабыл алат. Качан келсе тирүү кармап беребиз. Ишибиз акырындап орто деңгээлде жүрүшүп жатат. Азырынча Токтогул районунда эле сатылат. Кыргызстандын бүткүл аймагына чыгуу үчүн өндүрүмдү көбөйтүш керек. Ага да каражат керектелет. Тоннасын көбөйтүш керек. Азыр жылына 10 тоннага чейин балык өндүрөбүз. Он тоннадан аша албай жатабыз. Акча жемине эле кетип калууда. Көбөйтүш үчүн шаардан балыктын уругун алып келебиз. Көнөкбашын дагы өзүбүз өндүрсөк болот. Бирок анын да өзүнчө маселелери бар. Эгер өндүрө турган болсок, кышта өндүрүп, жазда коё берип, күзүндө жетилип калышы керек. Шарты боюнча ушундай. Бирок балык жер тандап, шартты да ылгайт. Суу муздак болсо балык чоңойбойт. Кышында суу тоңот. Анын музун чагып тазалап турабыз. Чакпай койсоң, үйүлүп кетет. Кышкысын күн жылуу болгондо жем чачабыз. Кыштата 1-2 ай кыйынчылык болот.

## Балык бизнесибиз алты үй-бүлөнү багат

Бул жерде азыр 6 үй-бүлө иштеп жатабыз. Тактап айтканда, балык алты үй-бүлөнү багып жатат. Бир туугандардан үч, андан сырткары башка үч үй-бүлө бар. Айлыгы бар. Мамлекет материалдык жактан эмес, болгону сөз менен “Кыйратасың” эле деп колдойт. Бирок кыйратканың менен алды жагың караңгы. Бир жакка барсаң туңгуюк. Мына жакында эле жолдо авария болуп суу булганды. Былтыр дагы бензовоз кулап, сууга солярка төгүлүп чыгашага учурадык. Мамлекет бизге же компенсация кылбайт. Жөн эле келип жооткотуп кетип калышат. Ошол жол кырсыгы болгондо МЧС да, акимчилик да келди. Бирок бизге бир тыйын төлөтүп бере алган жок. Мисалы, “Төрт ай үстөгү жок акча пайдаланып тургула” десе бизге чоң жардам болмок. Кайра өзүбүз көрүнгөнгө жалдырап, чыгаша болуп жатабыз. Ал эми биз кызматкерлердин маянасын беришибиз керек. Тамак-аш алыш керек дегендей. Кыскасы, мамлекет эч бир жардам көрсөтө албайт.



## Токтогул балыгы даамдуу

Токтогулда балыкчылар көп. Бирок көбү ишин жаңыдан баштапты. Өндүрүмдү сыртка алып чыгыш үчүн бирөө биздин үстүбүздөн “Мына сага көнөкбаш, мынча акча” деп буйрутма берип туруш керек. Бирок бизде андай мерчем түзүлө элек. Балыкка кепилдик бериш кыйын. Эпидемия келсе, жүздөгөн урук бир заматта кырылып калышы мүмкүн. Ошол себептүү балык багуу – оор, түйшүктүү иш. Өмүр бою бул жерде жашап, анча-мынча сырларын билип калганыбыз үчүн гана биз кичине калыптанып калганбыз. Биз Токтогулдун балыгынын даамдуулугунан утуп жатабыз. Ошонусу элге жагат. Мындай балыктар Чүйдө деле өсөт. Бирок суусу саздак болгондуктан, көпчүлүк жебейт. Алар арзан сатышат. Мүмкүн алар өзүбүздөн чыкчу жемдерди таап алышкандыр. 200-300 грамм кылып чоңойтпой эле сатып жатышат. Балык даамына келиш үчүн 500 граммдан ашык болушу керек. Биздин балыктар Чычкан суусунда чоңоёт. Кошумча жем беребиз. Башкача айтканда, кой баккандай эле багып жатабыз.

## Күнүнө 10 000 сомдук жем чачабыз

Салык боюнча жеңилдигибиз бар. Салыктын түрүнө такаганда биздики айыл-чарба салыгына кирет экен. Биз өзүбүз өндүрүүчү болгндуктан жер салыгын гана төлөйбүз. Анткени өзүбүз өстүрүп-чоңойтуп сатып жатабыз. Көнөкбаштын жемин Бишкектен алабыз. Жем аларга Европадан келет. 25 киллограмы 4500 сом турат. Биз күнүнө баарына жеткидей кылып чачсак, 10 миң сомдук жем чачылат. Бул эң эле аз дегени. Токтогулдун балыгы белгилүү болуп, кадыры койдон өйдө болуп калды. Бир балыкты 3 килограммга чейин чоңойттук.



## Бизде шарт бар, бирок каражат жок

Мерчемибизде бассейндерди балыкка ойдогудай толтуруу болуп жатат. Булар толбой жатат. Биз алып келебиз. Сатканча эле күз болот. Кайра көнөкбаш алып келебиз. Ал чоңойгончо убакыт кетет. Ушинтип бирин-бири жаап кетип жатат. Кошумча сатып ала албай жатабыз. Ал үчүн дагы бассейн куруш керек. Балыкты тоңдуруп койсо болот. Бирок тоңсо, даамы кетип калат. Көйгөйүбүз каражат маселесинде эле болуп жатат. Мага насыя жагынан жеңилдиктер болсо, баарын өзүм ойлонуштуруп, кайдан эмнени сатып келеримди ойлонуштурат элем. Бизде жер бар. Шарт бар. Өкмөт болгону каражат жагын чечип берсе жакшы болмок.

## 40 000 көнөкбаш бир күндө өлүп калды

Балык багып жүрүп кызыктуу күндөргө да туш болдум. Эки телефонумду сууга түшүрдүм. Мындан беш алты жыл мурда көнөкбаш алып келгенден бир айдан кийин 30-40 миң көнөкбашыбыз 3 күндүн ичинде кырылып калды. Ушундай жаман нерселер болот. Бизге келип чоңоюп калганда өлүп калды. Алардын оорусун билбесең жаман эле болот экен. Балыкты Токтогулга келген меймандар, Чычкандагы кафелер алып кетет. Белекке кетет. Ушинтип эле түгөнүп калат. Жалаң балыктан тамак жасалган ашкана ачсам болот. Ал үчүн өзүм иштешим керек. Анда дагы “Ашпозчунун диплому кана” деп текшерип келишет эмеспи. Бирок мен чын-чынына келгенде башкаларга салыштырмалуу балыктан тамактарды жакшы жасайм. Балыкты очокко бышырганда даамы укмуш болот. Балыктан тамак жасачу атайын жай иштетсем, кардарларга шарт түзүшүм керек. Анын баары келип эле акча каражатка такалат.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Азан чакырык деген эле нерсе

**Мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти түнкүсүн мечиттерде үндү бийиктеткич аркылуу айтылган азандын үнү басаңдатылсын деп сунуш катары эскертме берди. Анткени уйкусу бузулуп, тынчы кеткен айрым шаар тургундары департаментке арыз менен кайрылышып, наразы болушкан**


Сүрөт ▸ Azattyk

Негизи, түн ичинде азан үч жолу айтылат. Саат кечки 8.30 чамасында шам намазы, түнкү саат 10.30 дан өтүп куптан, ал эми таңга жуук, үчтөн өтүп төрткө жакын багымдат намазы окулат.

## "Эскертме Бишкектеги мечиттерге тийиштүү"

Ал эми департаменттин шаардык санитардык көзөмөлдөө борборунун коммуналдык бөлүмүнүн башчысы Сатаров Данияр үн бийиктеткич (громкоговоритель) аркылуу айтылган дал ушул куптан жана багымдат намаздары элдин нааразычылыгын туудуруп жатат деп билдирди. Сатаров азанга тийиишпегенин "Азан айтыла берсин, болгону үнү бир аз басаңдатылсын" деп эскертме берип жатканын айтты.

– Азыр маалымат каражаттары туура эмес маалымат берип жатат. Кабарларды карасам азанга тыюу салды деп жүрөт. Азанга эч ким тыюу салган жок. Болгону түн ичинде айтылчу азандардын үнү бираз басаңдатылсын деп атабыз. Мечиттен чыккан азандын бийик үнү балдарды чочутуп, кары-картаңдардын уйкусун бузуп жатат деген даттануулар түшүүдө. Биз муфтият менен акылдашканда алар сунушту кабыл алышкан. Эми бир жума көзөмөлдөп, мониторинг жүргүзөбүз. Эгер тургундардан дагы арыз түшсө, башка чара колдонобуз. Бул бир эле Бишкек шаарына эле тиешелүү.

## "Көңүл ачуу жайларына карайбыз"

Шаар ичиндеги ресторан кафелер түнү менен иштегени жашыруун эмес. Андан чыккан музыканын добушу дагы көпчүлүккө белгилүү. Анын үстүнө мечитке караганда кафелердин саны көптүк кылат. Той-топурдун убагында бир далай адам уйкудан калып тынчы кетип жатканын да департамент тана алган жок.

**Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынан муфтийдин орун басары Эргешов Акимжан** муфтият чечимди ушул көңүл ачуучу жайлардын иштөө убактысына ылайык чыгарат деп билдирди.



– Алар бизден үндөрдү басаңдатуу боюнча оозеки суранып келишкен. Макулдашууда биз бир жактын да, экинчи жактын да суроо-талаптарын, укуктарын эске алуу менен чечим чыгарабыз деп айтканбыз. Негизи, шаардын ичинде кафелер канчада ишин жабат. Ошол кафенин тынчтыгы келген сааттан тартып биз дагы элге тоскоол бербей турган деңгээлде айталы дегенбиз. Бир эле азан эмес, жадагалса, көчөдөн өткөн машина да адамдын тынчтыгын бузушу мүмкүн. Биз маселеге көрсөтмө бердик, ошондон тартып, кечкисин жана таңкысын айтылчу азандын добушу өтө эле жогорку баскычта эмес, төмөнүрөөк айтылып калды.

## "Добуштун деңгээлинен азан мааниси жоголбойт"

Илгери үндү бийиктете турган техника жок болгону анык. Ошондон улам ата-бабалар азанды мунарага чыгып айтып келишкен. Бүгүн мунарага чыгуунун кажети жок. Анын ордун ар кандай техника баскан. Ал эми муфтияттын орун басары Эргешов жай айтылган азан менен бийик айтылган азандын айырмасы жок экенин билдирди. "Анда эч кандай айырмачылык деле жок. Мисалы телефон менен сүйлөшкөндө деле ошол сөз, оозеки сүйлөшкөндө деле ошол сөз мына ушу сыяктуу эле" деген Акимжан мырза андан азандын мааниси жоголуп кетпейт деген пикирин кошумчалады.


Шаардын тургуну Гүлпаш эженин үйү Достук кичи районундагы мечитке жакын жайгашкан. Гүлпаш апа мечиттен чыккан үн тынчыңызды албайбы деген суроого мындай жообун айтты.

– Менин тынчтыгымды деле бузбайт. Тескерисинче, мен азан добушун музыкага караганда жакшы көрөм. Түштө атайы азан айтылганда намаз окубасам да чыгып угам. Бирок түнкүсүн балдар чочуп ойгонуп, уйкусу бузулуп атат. Түштө булар деле азан айтылганда алаканын жайып, отура калышат. Бирок бала деген бала да, түндө ойгонсо, уктабай энесинин эсин оодарат. Өзүң көрүп турасың үйүбүз туура мечиттин түбүндө. Үндү бийиктеткич да биз жакты карап турат. Мурда бул жер кадимкидей эле үй болчу. Кийин мечит салынды.

## "Азан убактысы 1 мүнөткө жетпейт"

Азандын айтылышынын негизги максаты мусулмандарды намазга чакыруу болуп эсептелинет. Ошондуктан азандын добушун күткөн мусулман адамдар да аз эмес. Ошол эле маалды анын үнү басаңдатылса, канча деген адамдардын да укугу бузулуп калабы деп ойлогондор да бар.

**Кыргызстан Ислам университетинин ректору Марс Ибраев** даттанган бир канча адамдын укугун коргоо менен азандын үнүн күткөн жүздөгөн, миңдеген мусулмандардын укугун тепселеп койбойбузбу дейт. Анын пикиринде, азандын добушуна атеисттик көз караштагы же динге толук ишенбеген адамдар гана даттанышы мүмкүн.



Азан бул чакырык деген нерсе. Ал сүннөт. Кудай Таала тарабынан берилген буйрук. Азан айтылганда Мусулмандар 5 убак намазга чакырылат. Азандын үнү жеткен жерден шайтан-шабыр качат деген маанидe хадис бар. Ал көп болсо, 45 секунд, же бир мүнөткө жетпеген убакытка созулат. Аны басаңдатууга жүйөөлүү себептер деле жок. Эгер бир эле мечиттин айланасында жашаган 2, 3 эле адам даттанып, алардын укугу корголгон болсо, анда шаардын ичиндеги толтура намаз окуган мусулмандардын укугу кандай болот? Ар бир доочунун укугу аткарылып жатса, алардын да укугу сөзсүз каралышы керек. Бул бүт элдин пикири деп айта албайбыз. Бул бир канча инсандын арызы. Балким ал калеми бар, мамлекеттик органда турган инсандардын арызы болушу мүмкүн. Момун мусулмандар кагаз жазбай, даттанбай турган болсо, демек, булар калыс карайт турбайбы. болот турбайбы дегендикке жатпайт.

## Окуялар атайы жасалган агымдай

Буга чейин айрымдар чагымчылдык деп сыпаттаган шаардын ири көчөлөрүндө илинген баннерлер кызуу талкууга түшкөн. Тутанган талаштын бүгүнкү күнгө чейин илеби кайта элек. Ошого катарлаш эле аалым Чубак ажы Жалиловдун телеканалдар аркылуу субхат берүүсү чектелди деген кабар тарады. Андан көп этпей минтип азан маселеси чыгып отурат. Динге жакын бири-бирине катарлаш окуяларды жөн гана кокустук экенине ишенгендер да шектенип тургандар да бар.

Ал эми Марс Ибраев маселени ырбатпай акырын эле чечип койсо болот деген пикирде. Анткени буга чейинки орун алган окуялардан кийин мусулман адамдардын бийликке болгон ишеними жоголуп, кыжыры келиши ыктымал.

– 3-5 адам арыз жазган болсо Муфтият, имамдар ишти туура калчап, анализдеп алар менен бир столго отуруп, сүйлөшүп түшүндүрүп, чечип койсо болот . Маселени ырбатыштын кажети жок. Ошол эле маалда мамлекет тарабынан берилген сунуштарды да туура кабыл алышыбыз керек. Бирин-экин чагымчылдык нерселерден улам, динибизге доо кеткенин каалабайбыз. Канткен күндө да азандын бийик айтылуусун чектөөдөн, ислам динин тутунган инсандарыбыздын ишенимине болгон урматсыздык деген ой туулушу мүмкүн. Бүгүн азан чыкты, кече сүрөттөр да чыккан. Андан мурун дагы башка маселелер чыккан. Байкасак, биринин артынан бири агым катары келип аткан маселедей. Ошондуктан сабырдуу болуп, жылуу кабыл алалы.

## "Коңгуроо кара күчтөрдөн тазалайт"

Ошол эле маалда чиркөөлөрдөн да маал-маалы менен коңгуроо кагылып турат. 5 мүнөткө созулган коңгуроонун үнү күнүнө үч маал жаңырат. Ал эми пасха жана башка майрамдарда түн ичинде коңгуроо бир нече ирет кагылып, 10 мүнөттөн ашат. **Бишкек жана Кыргызстан эпархиясынын катчысы Игорь Дронов** коңгуроолор адамдардын тынчын албайт деген пикирде.



– Коңгуроонун үнүнө тургундар нааразычылык билдиргенин көрө элекмин. Коңгуроонун үнү тоскоол болушу мүмкүн эмес. Тескерисинче, андан чыккан добуш айлананы кара күчтөрдөн тазалап, нурдантат. Негизи коңгуроо эки абалда кагылат. Биринчиси – кудайга сыйынуу үчүн. Дагы бир учурда – табият кырсыктары өрт жана башка чукул кырдаалда адамдарга эскертме катары кагылат.

Бүгүнкү күндө өлкө боюнча 2640 мечит бар. Анын ичинен 2014 мечит мамлекеттик каттоодон өткөн. Атап айтсак, Ош шаарында 61, Ош облусунда 663, Жалал-Абад облусунда 526, Баткен облусунда 281, Нарын облусунда 52, Талас облусунда 105, Ысык-Көл облусунда 74, Бишкек шаарында 32, Чүй облусунда 223 мечит иштеп келет.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Ош-Бишкек жолуна мед. пункт курулсун

Жылына Ош-Бишкек жолунда катталган жол кырсыктарынан улам 40-60 адам каза таап, жүздөгөн адамдар түрдүү жаракаттарды алышат. Кырсыкка кабылгандар жакын жердеги аймактык ооруканага жеткирилет. Бирок, жол алыстыгынан көбүнчөсү ооруканага жетпей, жан берет. Токтогул районунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун башчысы Нуржамал Тешебаева медтармактагы көйгөйлөрүн баяндап берди





## Райондун саламаттыкты сактоо тармагы

Токтогул районунун Саламаттыкты сактоо тармагы 90 миңден ашуун калкты тейлейт. Анын ичинен калкка биринчи медициналык жардам көрсөтүү үчүн бир үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, эки амбулатордук дарыгерлер тобу, аймактык оорукана, санитардык көзөмөл борбору, тиш поликлиникасы жана кургак учукка каршы күрөшүү борбору болуп, 7 медициналык мекеме бар. 94 миң калктын 64912син биздин үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу тейлейт. Ал эми калганы аймактык медициналык мекемелерге кайрылышат.

Тармактагы абалдын көрсөткүчтөрү аялдардын жана балдардын өлүмү менен өлчөнөт. Быйыл бизде эне өлүмү катталган жок. Көбүнесе, 1 жашка чейинки балдардын өлүмү бир балага гана өскөн. Алты айда 1 жашка чейин 11 бала каза болсо, анын үчөө Өзгөрүштөн, экөө Үч-Теректен болду. Басымдуу бөлүгү төрөт маалында, же төрөлгөндөн көп өтпөй чарчап калышат.

## Акыркы тапта күч алган оорулар

Кургак учук оорусу менен ооругандар көбөйдү. Токтогул району Бишкек, Чүй облустары менен чектешкендиктен, жергиликтүү калк иш издеп, шаарга кеткен. Кургак учукка кабылган адам бизде каттоодо турушу керек. Катталган адамды биз маалмаалы менен текшерип турабыз. Бирок, айрым оорулуулар материалдык абалынан улам ата конушун таштап кетүүгө аргасыз. Оорулуу көчүп кетсе, артынан барып көзөмөлдөй албайбыз. Бишкекте алар оңой менен каттоого тура алышпайт. Ошентип дарты өтүшүп кеткиче жүрө беришет.

Быйыл кургак учук табылган 11 адам ар кайсы аймактарга көчүп кетишкен. Азыр алардын абалы кандай экени бизге белгисиз. Былтыркыга салыштырмалуу, быйыл кургак учук менен ооругандардын саны 47ден 56 адамга өстү. Буга чейин бруцеллёз менен ооругандар көп болчу. Жылына 250-280 адам бруцеллёзго чалдыгып турган. Азыр аталган ооруга чалдыккандардын саны да кескин кыскарды. Мисалы, былтыр бизге 6 айда 19 адам кайрылса, быйыл 15 эле адам кайрылган.

Учурда райондо онкологиялык оруулардын түрү көбөйгөндүгү дагы бир орчундуу көйгөй болууда.

Былтыр онкологиялык ооруга 242 адам чалдыкса, быйыл алты айда эле 259 адам болуп кетти. Онкологиянын себептерин божомолдоп айтканда, жалпы замандын өзгөрүшү, радиация, технология, тамак аштагы болуп аткан ар кандай кошулмалар деп түшүнсөк болот. Ал эми жүрөк жана кан тамыр оорулары менен ооругандардын саны боюнча Токтогул району өлкөдө биринчи орунда турат. Былтыр алты айда эле 1005 адам катталса, быйыл 1100 адам медициналык жардам сурап кайрылган. Андан тышкары, кант диабети да күчөп бараткан оорулардын катарында. Бир жылда бул ооруга чалдыккандардын саны 86 адамга өскөн. Бул Токтогулда эле эмес, жалпы Кыргызстан боюнча кулач жайып бара жаткан коркунучтуу оорулардын бири.

## Дары-дармек, тез жардам кызматы бекер

Мамлекеттик кепилдик программасына кирген 5 оорунун түрүнө чалдыккандар бекер дарыланганга укуктуу. Дары-дармек менен камсыз кылуу маселеси жоюлган. Мен эл менен жолукканда ошону дайыма эскертип келем. Тез жардам кызматынын дары-дармеги, төрөт кызматы бекер. Качан чакырса убакыт-саатынан кечикпей барышат. Телефондорубуз дайыма иштейт. Уюлдук жана шаардык номерибиз ар дайым байланышта.

## Тез жардам машинеси үлгүрбөй калууда

Акыркы кезде бир көйгөйдүн артынан түшүп, чече албай жүрөм. Канчалаган тиешелүү мекемеге кат жөнөттүм, канчалаган адамга оозеки кайрылдым. Бирок жыйынтык чыга элек. Өзүңүздөр билгендей, Токтогул району түштүк менен түндүктүн ортосунда бирдей аралыкта орун алган. Ош, Жалал-Абадка алып барчу жол Токтогулду кесип өтөт. Ош-Бишкек жолунда катталган жол кырсыгын баарыбыз көрүп турабыз. Статистика да кырсыктын көп катталгандыгын айгинелейт. Балким ушул жакка жеткенде чарчап-чаалыгып калышабы, айтор, Токтогулга жакын аймактарда жол кырсыгынын кесепетинен жылына 40-60тай адам каза таап, жүздөгөн адамдар жаракат алышат. Кырсык Ала-Белден, Чычкандын ичинен катталса, МАИлер тарабынан биздин тез жардам кызматына чакырык түшөт. Бирок барып жанын сактап калууга, же алып келгенге үлгүрбөй калабыз. Биз барган учурда эгер катуу кырсык болсо, моргго жеткирилген болот. Эгер жаракат алса, башка аймактардагы хирургиялык бөлүмдөргө жөнөтүлгөн болот. Чакырыкка убагында баруу – милдетибиз. Барбай коё албайбыз. Бирок көп чыгымдарга учурап, убакыттан уттуруп, убара тартып калабыз, Тез жардам машинеси да тартыш.

Ошондуктан "Сары боор" деген жерде ӨКМдин базасы бар. Ошол базага катар эле медициналык бекет ачылса, бизге да, калкка да жакшы болмок. Мен дарыгер катары эмес, адам катары кырсыкка учурагандарга боорум ачып, жаным кейийт. Анткени буту-колу сынгандар, тытылып, ажырап кеткендер болот. Ошолорго жок дегенде убактылуу ооруну басаңдата турган, шок абалынан чыгара турган алгачкы жардамдар көрсөтүлсө, абалды бир топ жеңилдетип, канча адамдын жанын сактап калууга мүмкүн болот эле. Биринчи жардам көрсөтүлгөн соң, кийин жеткирүү маселеси чечиле бермек.

## 70-80 жаштагы дарыгерлер иштейт

Тез жардам кызматы бекер көрсөтүлгөнү менен, унаалар жетишсиз. Мындан 150 чакырым алыс жайгашкан айылдар бар. Ал жакта тез жардам кызматы эмес, медициналык пункттар да жок. Деги эле алыскы аймактарда кадрлар жетишсиз. Баары шаарга качышат. Азыр жашы 70-80ден ашкан дарыгерлер иштеп жүрүшөт. 80ге чамалап калган адамдардын кулагы укпай, көзү да начарлап, толук мед. жардам бере албай калышат экен. Эми ал кишилерди мен кетире албайм. Аларды кетирген күндө деле иштей турган эч ким жок. Алар эл арасында таанылып, кадырбаркка ээ болуп калышкан. Колунан келишинче дарылап жатышат. Жок дегенде орто жаштагы дарыгерлер келсе жакшы болмок. Жаш кадрларды тартканга болгон шарттарды түзүп берип атабыз. Келген дарыгерге Айыл өкмөтү үй караштырып берет. Андан тышкары, мамлекеттик депозит программасы бар. Ага ылайык, алыскы аймакта иштеген дарыгерлерге айлык акысынан тышкары кошумча каражат төлөнөт. Ошол программа боюнча Токтогул районунда жалгыз эле Тоолук айылында бир эле дарыгер келип иштеп атат. Ал өзү медакадемияны аяктаган эмес, ОшМУну бүтүп келген. Жаштардын баары шаарга качышат. Анткени шаарда мед кызматтар кымбат. 25%дык жүктөлмөгө илинип алса эле жашоосуна жетет. Кадрларды ошол жери тартат. Район боюнча жаш дарыгерлер 54%га жетишсиз. Бирок, медайымдар 100% жетиштүү. Анткени өлкө боюнча мед училищаларынын саны көп. Жылына канчалаган бүтүрүүчүлөр бүтүп атышат. Иш издеп жаш кыздар келишет. Жумуш сурашат. Кээде "Жумуш орду жок" деп айта берип чарчап калам. Бирок кыздарды да аяйм. Канткен менен алар окуп, билим алгандан кийин иштегиси келет.

## Орусияга кеткен дарыгер кайтпайт

Мурда биз окууну бүтүп атканда сөзсүз мамлекет жөнөткөн жерге жолдомо менен барчубуз. Өкмөт жол кире, электр энергияны эле төлөп берчү. Жашай турган жерди деле чечип берчү эмес. Анткени ал убакта мамлекеттик бир эле система болгон. Жеке менчик деген нерсе жок болчу. Азыр мамлекеттик, жеке менчик деген кош система менен иш жүргүзүп жатабыз. Жеке медициналык борбордо иштегендердин маянасы көп экени белгилүү. Анын үстүнө азыр көптөгөн мыкты кадрлар Орусияга кетип калды. Орусияга кеткен дарыгер кайтпайт экен. Азыр студенттер контракт менен окуп атышат, жылына оңбогондой акча төлөшөт. Ошондуктан каалаган жагына иштеп, каалаган жагына кете берет. Аларды эч ким мажбурлай албайт. Канткен күндө да элдин талабына жараша өз кызматыбызды кылып келе жатабыз.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Мектеп программасы башка, ЖРТ программасы башка

Бүгүнкү күнү Токтогул районунда жалпысынан 42 мектеп иштеп, 1365 мугалим жыл сайын миңдеген балага кат таанытып, сабатсыздыгын жоюп келет. Натыйжада биз билим берүү тармагынын жергиликтүү өкүлү, Токтогул районунун билим берүү мекемесинин директору Дамира Зулпукарова менен жолугуп, райондогу жалпы билим берүү тармагынын күңгөй-тескейи менен таанышып кайттык

## Мамлекет тарабынан мектептерге жакшы көңүл бурулууда

Токтогул районунда жалпы 42 мектеп бар. Ошонун ичинен 6 мектеп авариялык абалда. Былтыр үч мектептин курулушу башталган. Азыр алардын курулуш иши жүрүп, чатыры жабылууда. Буюрса, октябрь айларында ишке берилет деп турабыз. Кара-Суудагы "Казатов" мектебинин жалпы курулушуна 81 миллион сом кетти. Былтыр мамлекеттик казынадан 3 миллион сом каралып, мектептин фундаментин баштоо учурунда жерден суу чыгып, кум төгүлүп, иш токтогон. 2010-жылдан баштап мурунку жылдарга салыштырмалуу мамлекет мектептерге жакшы көңүл бурууда. СССР убагында жалпы 22 бала бакча бар эле. СССР тарагандан кийин 4 гана бала-бакча калып, кээ бирлери жоюлуп, менчиктештирилип кеткен. Учурда 15 бала бакчабыз бар. Анда иштеген кызматкерлердин айлыгын мамлекеттин казынасынан төлөп беребиз. Оңдоо иштери, балдардын тамак-ашы, мэрия, айыл өкмөт жана ата-эненин жардамы менен жүргүзүлөт. Негизи, бала бакча курууда Осмонбек Артыкбаевдин эмгеги чоң. Өзүнүн каражатынан эки бала-бакча куруп берип, керектүү буюмдарды, оокаттарды алып берди. Ошондой эле компьютерлер менен камсыз кылып, интернет байланышына жардам берүүдө. Атайын адистерди чакырып, мугалимдерге компьютер менен иштөөгө шарт түзду. "Токтогул" атындагы чоң мектеп жана орус тилиндеги мектептер капиталдык оңдоодон өтүп жатат. Август айларында оңдоо иштери бүтөт. Буга каражат мамлекет тарабынан бөлүнгөн. Мектептерде 1-4-класска чейин балдарга он сомдун өлчөмүндө ысык тамак берилет. Роза Отунбаеванын демилгеси менен бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы боюнча жакшы иш болуп жатат. Булардын эң негизги талабы ашканадан таза суу чыгыш керек экен. Таза суу чыгып, оңдоо иштери бүтсө, булочка бышыра турган, камыр жуура турган, ашканага тиешелүү жабдыктардын баары фонддун эсебинен берилет. Терек-Суудан "Турусбеков", "Нурманбетов", "Бөкөнбаев", "Токтогул", "Манас" жана "Бекназар" атындагы мектептерде ноябрдан январга чейин замандап ашканага жетип, ысык тамактар бериле баштайт. Булочканы, нанды ортодо жеке ишкерлер бышырып берчү. Чынын айтканда, кээде нандары катуу болуп калат. Эмгек келишиминде ун азыктарын күндө алып барыш керек. Бирок жол алыс болгондуктан эки күндө алып барышчу. Ошондуктан ар бир мектеп өзү бышыргандай кылыш керек.

## 3 айлап айлык албай калчубуз

Бизде 1365 мугалим бар. 2 жылдан бери кадрлардын келиши көбөйүп, мугалимерди иш менен камсыз кыла албай калдык. Бизде кыргыз тилчи жана биолог мугалимдерибиз ашыкча болууда. Учурда англис тил, орус тил мугалимдери жетишсиз. Ата-эне "Балдарыбыз тил билсин" дейт экен. Райондо орус тилиндеги бир мектеп бар. Теңи орус, теңи кыргыз тилинде окуткан гимназия макамындагы мектеп ачылган. "Орус тилиндеги мектептер көп болсун" деп ата-энелер талап коюуда. Тилеке каршы, орус тилинен сабак бере турган адистер жетишпей жатат. Токтогул району боюнча 52 мугалим жетишпейт деп арыз жазганбыз. Учурда айлыктар көбөйүп калды. 10-15 жылдан ашык стажы бар мугалимдер 15 миңден көп айлык алышат. Окууну жаңы бүтүп келген мугалимдер 7-8 миң айлык алат. Стажга жараша маянага кошулуп турат. Бир кезде айлыктарды аябай кармашчу. Ошондо 3 айлап айлык албай калган учурлар болду.

## ЖРТ системасы киргизилгени жакшы болду

11-класстар бүткөндө ЖРТнын (жалпы республикалык тестирлөө) жыйынтыгын күтөбүз. Бул негизги критерийлерибиздин бири болгондуктан, ЖРТда өсүш барбы деп карайбыз. Билим берүү министрлиги ЖРТ реформасын киргизгени жакшы болду. Азыр андан 110 упай албаса Жогорку окуу жайга (ЖОЖ) тапшыра албайт. Мурда ЖРТ жок болгондуктан ата-энеге, балдарга, мугалимдерге талап солгундап кеткен. 110 упайга жетпей калган окуучуларыбыз аябай жаман болду. Быйыл март, апрель айында мектептерди кыдырып, республикалык олимпиадага даярдык кандай болгонун байкадым. Мугалимдерге өз эмгегинин жыйынтыгы өтө чоң таасир берет экен. Кээ бир мугалимдер окуучулары жакшы пайыз берип калса кадимкидей сүйүнөт. Ар бир иштин ээси бар. Жакшы иштеп жаткан мугалимдин эмгеги көрүнүп калат. Кээ бир мугалимдерибиз эптеп ортодо, эл менен кошо жүрө берери ушундан билинди.

## Окуучулардын 85% ы 110 упайга жетпей калды

Токтогул районундагы 42 мектепти изилдегенде былтыркыга салыштырмалуу өсүш бар. Бирок мактанарлык эмес. Быйыл кээ бир мектептерде окуучулардын 85% ы 110 упай ала албай калды. Жалпылай караганда былтыркыга салыштырмалуу окуучулардын тесттен алган балы 15%га өскөн. Бирок баары бир арттабыз. Бир окуучу ЖРТдан 200 упай алса "Ушул мектеп укмуш экен" дейбиз. Балким ал бала акча төлөп курстарга окуп келгендир, же шаарга барып окугандыр. Ошондуктан биздин негизги милдет мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинде базалык билим берүү болууда. Бир эле окуучу сабактарын өздөштүрүп, ЖРТдан 110 упайга жетип, предметтик сабагынан 60 упай алса, ал өз зээндүүлүгү менен, табияты менен жетти деген сөз. Ошол себептен бир окуучуга токтолбой, жалпы билим берүү стандартын өздөштүрүү керек. Былтыр орточо эсеп менен жалпы балл 105 болгон. Быйыл район боюнча орточо балл 111ди түзсө, эң жогорку балл 200 болду. ЖРТдан эң аз балл алган "Сары-Камыш" мектеби болуп, бир дагы окуучу 110 балл алган жок. Ал эми Тоолук айылындагы "Канаша" мектебин бүткөн 11-класстын окуучуларынын бирөөсү дагы ЖРТга катышпаптыр. Аталган мектептин мүдүрү унчукпай отурат. Демек, мында даярдыгыбыз жок деген нерсе туюлат. Ушундан улам окууну бүтүп жаткан балдар башкалар сыяктуу ЖОЖго эмнеге барышпайт? Бул кимдин күнөөсү деген суроолор жаралат. Бирок баары эле жаман эмес, алдыга жылган мектептер да болду. ЖРТнын жыйынтыгы менен Үч-Теректеги айылдык мектеп 1-орунду алды. Балдардын 100%ы 110 баллдан ашты Ал эми гимназиялык мектептер артта калды. Эгерде кадр күчтүү болуп, билим жугумдуу болсо, бала жакшы упай алат экен. Учурда мугалимдер өздөрү начар болууда. Окуучулар окуган китеп менен ЖРТнын программасы башка. Биз окуучуларды 45 мүнөт мектеп программасы менен окутабыз. Ал эми ЖРТныкы таптакыр башка. Башында мугалимдердин колунда эч кандай методика жок болуп ЖРТ эмне экенин билчү эмес. Ошондо өзүбүздүн программабыз менен окуучуларды даярдачубуз. Көрсө, биринчи ЖРТнын китебин, ыкмасын үйрөнүп туруп окутуш керек экен. Ошондуктан, ЖРТнын натыйжасы менен мектептин даражасын аныктап койгон деле болбойт. Ал үчүн биз программабызды, окуу китептерибизди жана окутуу ыкмабызды ЖРТныкына тууралап өзгөртүшүбүз керек.



## Окуу жайлардын санын көбөйтпөй, сапатын көбөйтсөк

Акыркы убакта окуу жайлардын саны көбөйдү. Мурда Улуттук университет жана бир-эки башка ЖОЖ бар эле, азыр ар бир облуста жок дегенде 4-5 окуу жай бар. Ошондуктан алардын санын эмес, сапатын көтөрүшүбүз керек. Мына бизде да ИСИТО ачылды. Мугалимдери болсо айылдык эле мектептерден. Ушул жерди бүтө калып эле мугалим болуп атышат. Албетте, жакшы бүтүп келген алдыңкы мугалимдерибиз да бар. Бирок сапаты жагынан бир аз начарыраак болууда. СССР учурундагы мугалимдер көп жүктү өздөрүнө көтөрүп, насаатчы мугалим болуп жаш мугалимдерге кеңештерин берип үйрөтүп, окутуп да жатат. Анализ жүргүзүү учурунда кээ бир мектептердин математикасы начар болуп, ал эми кыргыз тилинин деңгээли күчтүү болуп чыкты. Учурда кыргыз тилчи мугалимдерибиз көп. Ал эми англис тили, математик жана башка предметтик сабактардан окутуучу жетишсиз.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Иштеген адам үчүн баары бар



Шамшыкал кенин көрөбүз деп алгач Токтогул шаарынан болжол менен 12-15 километрче жүрүп, Токтогул суу сактагычынын берки өйүзүндө, Кетмен-Төбө дөбөсүнүн дал тушунда жайгашкан кенге жетип бардык





## "Кен казам, өрүк тигем"

Жолду катар айнектей тунук туздун чачырандысы жаткан кенде биз барганда кадимки топурак челген, жер түрткөн унаалар күркүрөп иштеп, булчуңдуу жигиттер таш талкалап, кamаздарга туз жүктөп, жумуш кызуу жүрүп жаткан экен. Бирок, биз издеген "Түркмөн туз" фирмасынын жетекчиси Жийдебек Түркмөнов ал жерде болбогондуктан, иштин жүрүшүн сүрөткө тартып, анча-мынча адамдар менен учурашып гана кайра кайтууга туура келди. Күндүн ысыктыгы менен техниканын добушу бизди иштете койчудай эмес.

Ошону менен кайра тоодон түшө бергенде ар кандай айыл-чарба техникалары жыйылып, былтыркыдан калган үймөк чөптөр үйүлүп жаткан жерден, тагыраак айтканда Жийдебек аксакалдын экинчи чарбасынан ал кишини таап баарлашууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бирок, бул жерге келгенибиз деле бекер болбоптур. Көрсө, Жийдебек аксакал бир жагынан кен каздырып, туз чыгаруу жагын өздөштүрсө, бир жагынан жер иштетип, мал баккан өнөрүн да калтырбаптыр. Баса, "Иштеген адам үчүн баары бар" деген ишенимди бекем карманган агабыз мал багуу, жер иштетүү, кен казуу менен гана чектелбей, 7000 түп кайналы багын тигип, багбанчылык да кылам деп турган убагы экен. Биз барган маалда күтүрөгөн эки трактор жер сүзүп, чөп жыйыла турган орунду камдап жатыптыр. Ошону менен Жийдебек аксакал туздун жайын төмөнкүдөй түшүндүрүп берди.

## Казак тузунун хлору эле калды

– Бул жерден азыр жылына 4 миң тоннага жакын туз өндүрөбүз. Бизден башка дагы 3-4 фирма ошол кенден туз алат. Жалпысынан Кыргызстан боюнча 10 миң тонна туз керектелет. Менин "Түркмөн-туз" аттуу фирмамда 10-15тей үй-бүлө иштеп, бала-чакасын багып келет. Тузда иштеген жумушчулардын айлыгы жумушуна жараша төлөнөт. Мисалы, 1 тонна туз жүктөсө 450 сомдон алышат. Ошондо 30 тонна туз жөнөтсө 12 миң сом чыгат. Анткени менен туз чыгаруу оңой иш эмес. Мына ушуну менен 10 жылдан бери иштеп келатабыз. 3 метр катмарды казыш үчүн үстүнөн 50 метр катмарды түшүрөсүң. Туулган жерибизде мындан башка иш болбогондон кийин оор болсо да кылабыз да. Буга чейин казактар туз сатмак түгүл, кыргыздардын тузу менен жан багып жүргөн. Биздин кыргыз ал кезде эмне иччү эле? Ушул эле Шамшыкалдын тузун пайдаланышкан. Малына да берчү, өзү да иччү. Казакстанда миңдеген жылдар бою суу астында жатып, хлорунан башка эч нерсеси калбай калган тузун ичип атпайбызбы. Себеби, туздун курамында натрий менен хлор болот дагы, натрийи эрип кетсе хлору эле калат. Ошондуктан йоддолгон туз деп атайын йоддоп калышты. Жанагы богок оорусун дагы ушул туздар менен дарылайт. Биздин туздун негизги курамында 12 элемент бар. Ошонун ичине йод дагы кирет. Ошондуктан тиги Балкаштын 97 пайыз химиялык элементтери эрип кетип, ташка айланган тузуна кайра йод кошуп анан сатып атышат. А биздики табигый йоддолгон.

## 100 миң тонна да каза алам

Жийдебек аксакал туздун курамын айтып, пайдалуулугун түшүндүрүү менен бирге, мамлекетке канча салык төгүп, кандай кайрымдуулук иштерди кылып жатканын да сөз кылды. Анын айтуусу боюнча "Түркмөн-туз" фирмасы бир жылда мамлекетке 400 миң сомдой акча төгөт. Бирок, бир капа болгон жери, бул тузга Кыргызстанда анча кардар чыкпай жатыптыр. Башка тармактарда деле белгилүү болгондой, элдин көбү минтип жалаң аркы-терки кошулма кошулуп, жылтырак-жултуракка оролгон нерселерге кызыгып, өзүбүздүн өндүрүшчүлөрдү жерип турган учур. Бул көйгөй өткөндө Нарындык этчилерде да, сүтчүлөрдө да козголгону эсибизге түштү. Мына эми ошол эле маселе бу тузда да бар экен. Техникасын, иштей турган адамдарын шайма-шай камдап, жылына 100 миң тонна казып бер десе да казам деп турган Жийдебек байке, минтип 4000 тоннадан ашык казса, сатып түгөтө албай, чектелип турган убагы. А дүкөндөрдө болсо чет элдин тузу жыйылып турат, чиркин.

Анткени менен акыркы жылдардан бери Казакстанга, Орусияга чейин туз алып чыга башташкан экен. Себеби, буга чейин орустун малы Украинанын тузун жеп келген. Кийинки окуялардын натыйжасы менен эми ал жакка да аз-аздап кадам таштала баштаган учур.

## Кайналы жакшы өтчү жемиш

"Анткени менен биз да кыргызбыз да. Алдыбызга мал айдап жүрбөсөк ыраазы болбойбуз", – деди Жийдебек ага аңгыча. Ооба, ал өзү айткандай, адатка айланган жумушун таштабай, мал-жан да карайт экен. Бирок, бизде мал карайт десе эле санын санап отуруп калабыз. А бул киши килейген короону мизилдете түздөтүп, үймөк-үймөк чөп жыйдырып жатыптыр. Ошого жараша малы да болсо керек. Анткени менен бизди анысы эмес, кеп башында кыстара кеткен 7000 түп кайналысы, же түндүк эли айткандай, кара өрүгү кызыктырды.

– Быйыл айдаганыма 4 жыл болду, – деп баштады Жийдебек ага кебин. – Эми түшүм берет деп турган убагыбыз. Кудай буюрса, ар бир түп эң эле аз дегенде 7 килодон бергенде да жалпы-жонунан 50 тонна алабыз. Бирок бул эң аз дегенде ошончо болот. Болбосо андан да көп деп турган кезибиз. Азыр ал жерде 4 багбан иштейт. Сугарат, бутайт, дары чачат дегендей. Ал эми так ушул кара өрүк айдаганыбыздын себеби, бул өтө ысык эмес, өтө суук эмес жерде жакшы түшүм берет. Мына ушул Токтогулга, Таласка, Аксыга тиксе жакшы болот. Ал эми алма жердин баарында бар эмеспи. Ошондуктан анын баасы да төмөнүрөөк болот. Мисалы мен буга чейин 10 жылдай Орусияга чейин кирип соода кылып, алма сатып жүрдүм. Ошондо көргөнүм боюнча, биз алманы 10-15 сомдон сата албай турганда, кайналы саткандар 40-50 сомдон бат эле өткөрүп таштап кетип калышчу. Ушундан улам кара өрүктү баалап калгам. Бирок, бул багбанчылык деле оңой иш эмес. Аны да караш керек, куртуна каршы дары чачыш керек. Андан сырткары, ар бир көчөткө 20 сомдон короткондо эле миллионду чапчыган акча короду. Кыскасы, буга дагы көп мээнет, көп каражат талап кылынат. Азыр ушуну ушул бойдон эле сатып турсак, кийин балким ширесин сыга турган фирма да ачарбыз. Кыскасы, бул багыбыз 15-20 жылдай түшүм берет деп турабыз. Айтмакчы, ал жерде кара өрүктөн сырткары, шабдалы, алма, алча да тигилген. Барып көрсөңөр болот. Картошкаларым да дүпүйүп калды.

## Алганды да, бергенди да билген адам

Жийдебек аксакал менен баарлашып болгон соң, Токтогул шаарын көздөй келатканыбызда, болжогон жерибизден дүпүйгөн кайналызарды да көрдүк. Айтылгандай эле каз-катар тизилген кара өрүк тегиз зымырап турган экен. Бизди бир таң калтырганы, Жийдебек аганын жерди үнөмдөй билгенинде болду. Себеби, кара өрүктүн бир капталына жанаша тигилген алма бактын ортосундагы ачык аянтты бош калтырбай 3-4 солдон картошка тигип таштаптыр. Чынында эле агабыздын билбегени жок экен деп баа бердик да, түнөгүбүздү карай кайттык.

Баса, Жийдебек ага тапканына жараша, коротконду да билип, Кудайга да, элге да жага турган иш кыларын айтты. Эсеби маселен анча-мынча начар турмушта жашаган үй-бүлөнүн балдарын лагерге жөнөткөнү каражат сурап келишкен экен, өз айылынан 11-12 баланын толук каражатын өз мойнуна алып, эс алууга жибериптир. Андан сырткары, Тоолук айылы жактагы илгери ат менен бара турган жолду түздөтүп, шагыл төктүрүп, оор машина өтө турган жол салдырып берип, аксакалдардын батасын, элдин ыраазычылыгын алган.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Токтогулда тоо туризмин өнүктүрсө болот

Токтогулга барганыбызда тосуп алгандар "Сезим" аттуу заңгыраган конок үйүн таап, бөлмөсүнө чейин сүйлөшүп даярдап коюшкан экен. Чынында, буга чейин борбордук шаарлар менен туризм үчүн катуу көңүл бурулуп жаткан Ысык-Көл айланасынан башка аймактардан мындай таза, ыңгайлуу конок үй көрө элек болчубуз. Ошондон улам, мынча болду муну да окурмандарыбызга көргөзө кетели деген максатта мейманкананын ээси Абдылдабеков Токтобек ага менен маектештик

## Оор мезгилдер баштан өттү

Советтик мезгилде Бишкектеги Авто-жол техникумун аяктап, Токтогулдагы Автобазада оор жүк ташуучу жана маршруттук автобустарды тейлөө жагына көзөмөлдөөчү механик болуп ишке кирдим. Кийинки он жылда күйүүчү май бөлүмүндө жетекчи болуп иштеп, районду күйүүчү май менен камсыз кылдым. Сары-Камыш, Тоолук, Тержайлак деген тоолуу аймактарда күздөн баштап жол жабылып калат. Ошол убакта көмүрүн, унун керектелүүчү бардык өндүрүмдү ташычубуз.

1991-жылы өлкөбүз эгемендүүлүктү алгандан баштап, акыбал оор болду. Ишканаларга мамлекет "Өзүңөрдү-өзүңөр камсыз кылгыла" деп талап койду. Натыйжада, Казакстан, Өзбекстан, Орусия менен келишим түзүп, оор жүк ташуучу машиналар, таксилер, автобустар менен калкты тейлөө жагы мойнубузда болгондугу үчүн Омскийге барып келишим түзүп, чет өлкөлөргө ошол оор мезгилдерде эле чыга баштадык. 1992-93-жылдары базар экономикасы, менчиктештирүү башталып, бизге окшогон чоң-чоң ишканалар акционер болуп тарап кетти. Ошондон тартып бизнес кыла баштадым. Базарда отуруп ак май сатып, Кызыл-Жар, Кочкор-Ата ж.б. айылдарды азык-түлүк менен камсыз кыла баштадык.

## Келген коноктор ыраазы болуп жатышат

Азыр базарда төрт соода түйүнүм, "Ала-Бел" аттуу соода комплексим бар. Ал жерде он эки киши иш менен камсыз болуп, иштеп жатышат.

Шаардык кеңешке талапкер болуп, шайлоочулар менен жолугуу болгондо шайлоочулар менден "Буга чейин эмне иштерди аткардың?" деген суроолорду берген. Ошондо "Өзүмдүн элиме, Токтогулга келген коноктогро бир мейманкана курсамбы" деп ойлонуп койдум эле. 2010-жылы бул имаратты алганда өтө жаман абалда болчу. Натыйжада, толугу менен оңдоп-түзөдүм. Азыр деле бүтө элек иштери көп. Ошоьго карабай шайлоонун алдында, август айында ишке бердим. Киреше булагы болбосо башка иштерин бүтүрө албайт экенсиң. Мына эми келген коноктор ыраазы болуп кетип жатышат. Бул деле болсо маңдай тердин, кажыбас мээнеттин жыйынтыгы. Эл мактап койсо дагы жакшы курайын деп демге-дем кошулат экен.

## Токтогулда эмнелерди кылса болот?

Менин оюмча туризм десе эле Көл тарапты ойлоп, басымды ошол жакка коюп жатышат. Болбосо Токтогулда деле тоо туризмин өнүктүрсө болот. Анүчүн жакшы инвестор тартышыбыз керек. Өзүбүздүн эли-жерди сүйгөн ишкерлерге Айыл өкмөттөн, же башка жактан деле колдоо болсо көп нерсе ачканга мүмкүнчүлүк бар. Мисалы үчүн, Тотонова Динара аттуу жердешибиз өзүнүн үйүнө тущенка жасоочу цех ачты. Бирок азырынча кичинекей болуп калды, буюрса, дагы чоңойтсо болот. Негизи, Токтогулдун малын жакшы баалашат. Иштетилбей жаткан ишканалар, жерлер жөн эле пайдасы жок турат. Ошолорду ишкерле-
ге берсе иштетип, салы
төлөйт эле. Же болбо
со аукционго кою
сатыш кере
Дыйканчылыкк
ыңгайлуу жер
лер суу астын
да калганда
кийин бизди
районго атайы
фонд тарабы
нан жылына 4
миллион сом бө-
лүнөт. Бирок аның
үзүрүн көрбөй жатабыз. Жалаң эле канал куруп жатышат. Фонд ачылып, 850 миллион сом бөлүнгөн. Ошол 850 миллиондун 70%ы жалаң сууга, 30%ы анча-мынча социалдык каражаттарга бөлүнүп жатат. Спорттук аянтча, бала-бакча, мектептерди колго алыш керек деп жүрөм. Биринчи туризм жагын, экинчи кайра иштетүү тармагын, үчүнчү балык чарбасын өнүктүрсө болот. Биздин балык абдан бааланат. Аны керек болсо чет мамлекетке чыгарыш керек. "Шамшыкал" кенindеги тузубуздун өндүрүмдүүлүгүн арттырып, кирешелүүлүгүн жогорулатышыбыз керек.









## Электр, документ жагынан көмөк көргөзсө

Бизде жалаң эле статистика менен отуруп калган. Үстүртөн текшерүү келсе эле "Баландай кылып жатабыз" деп баракчаларды кармата коёбуз. Болбосо мамлекет өссүн деген чоң долбоор иштеп чыгыш керек. А азыр антишпей эле көрсөтмө катары жасап атышпайбы. Ошондуктан өнүкпөй атабыз. Мамлекет ишкана ачкандарга жок дегенде электр, документ жагынан көмөк көргөзсө жакшы болмок. Өкмөт ишкерлер үчүн атайын жыйындарды, чогулуштарды өткөрүп турса болот эле. Жеке ишерлерди окутуп, тажрыйбасын арттыруу жагын эмнеге карабайбыз?

## Ассоциациянын максаты жардамдашуу

Өкмөт ар бир райондо чакан жана орто бизнес түзгүлө деген тапшырма бербеди беле. Анан мен "Бизге жыйын өткөзүп бергиле, төрагасын шайлайлы" деген кат жаздым. Бул азыркы замандын талабы болуп жатпайбы. Ассоциацияны ишкерлерге укуктук тараптан жардам берүү максатында ачтык. Азыр биригип иш кылбаса болбойт экен. Ар ким өз чарбасы менен чаржайт болуп жүрө бергидей. Биринчи максатыбыз ишкерлердин башын бириктирип, көйгөйлүү маселени чогуу чечип, мамлекетке да салымыбызды кошуп келе жатабыз.

## Токтогул районунун мүмкүнчүлүгү

Мен карап отурсам азыр биздин районду дотациядан чыгуу мүмкүнчүлүгү деле жоктой. Балким колубузда бар нерселерди туура пайдалана албай жатат окшойбуз. 850 миллион сомдук каражатты туура пайдалансак бир натыйжа берет эле да. Бул жагын кайра карап чыгыш керек. Өзүбүздү толук камтый албагандыктан, айыл-чарба да өнүкпөй, бир топ кыйын болуп турат. Бизде болгону мал чарбачылыгы эле болуудa. Эми цех ачабыз деп жатышат. Ошол цехтери ачылып калса жок дегенде өзүбүздү камсыздаганга жакшы болот эле.

## Колунда жокторго көңүл буруу

Мындай саамалыкты мындан жыйырма жыл мурун жасап баштагам. Токтогул атындагы орус мектептин бөлмөлөрүн оңдоп бериңиз деген сунуш түштү эле, өтө начар абалда турган орус жана кыргыз тил бөлмөсүн жалпы оңдоп-түзөөдөн өткөрүп, эшик-терезесин алмаштырып бердим. Ошондо класс жетекчиси Турсун Айдаралиева ыраазычылыгын билдирип, ал бөлмөнү менин атыман "Абдылдабеков Токтобек атындагы бөлмө" деп атаган. Кийин, мындан он эки жыл мурун айылга химия мугалими жетишсиз болуп, бир мугалимге үй сатып берип шаардан алып келгем. Кетмен-Төбө билимканасына жылына он миң сом бөлүп турам. Жылына жаштарга футбол уюштуруп, алдыңкы командага байге коюп берем.

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

# Төңкөрүш өнөкөтү кармаган Түркия

15инен 16-июлга караган түнү түрк аскерлери саясий бийликти төңкөрүү аракетин кылды. Өлкөнүн мурунку президенти Аблуллах Гүл бийлик жана оппозициялык партиялар мындай абалда бир жакадан баш чыгарганын кубаттап, муну биригүүнүн башаты кылуу керек деген оюн билдирген. Бирок түрк саясатын жакшы билген серепчилер коомдун жиктешүүсү өтө эле тереңдеп кеткенин айтышууда



## Төңкөрүү салты

Кудум биздин алайлык кыргыздар Кокон бийлигине басым кылгандай, түрк жанчарлары да байыртадан султанына каалаган чечим чыгартуу адатын карманган. Бул оору «Ата-Түрк» атын алган Мустафа Кемал аттуу адам аскери алсыраган султандыкты жыгып, бийликке келгенде мыйзамдуу негиз алган. Түрк Баш мыйзамына аскер светтик негиздерди коргогон өзгөчө миссияга ээ экени жазылып калган. Ушул себептен улам XX кылымдын экинчи жарымында түрктөр төрт аскердик кийлигишүүнү башынан өткөргөн. Анын экөө баш мыйзамды алмаштырган төңкөрүш менен аяктаса, экөө аскерлердин талаптарын аткаруу менен жыйынтыкталган.

1960-жылдын 27-майында өкмөттү 37 полковник төңкөргөн. Алар 200дөн ашык генерал менен бирге аскер башчысы, президент жана премьер Аднан Мендерести камакка алышкан. Бул кийлигишүүгө Аднан Мендерестин Демократ партиясы менен жаш аскерлердин келишпестиги себеп болгон. Төңкөрүшчүлөр пенсиядагы генерал Жамал Гүрсел баш болгон Өкмөттү курушкан. Анын натыйжасында, түрк тарыхында биринчи жолу демократиялык жол менен бийликке келген премьер-министр Аднан Мендерес баш болгон 16 саясатчы асылып өлтүрүлгөн.

1980-жылы 12-сентябрдагы төңкөрүшкө түрк куралдуу күчтөрү толугу менен катышкан. Мында Сулейман Демирел башкарган өкмөт кулатылып, парламент таратылган. 1961-жылы ишке кирген Баш мыйзам жокко чыгарылып, башкасы жазылган. Бардык партиялардын лидерлери сот жообуна тартылган. Оңчул менен солчул күчтөрдүн араздашуусунан улам саясий, экономикалык жана коомдук чөгүү кийлигишүүгө себеп болду делген. Төңкөрүш 50,4 млрд. доллар чыгымга алып келген. Генерал Кенан Эврен өлкөнү 1983-жылга чейин башкарган.

Бул эки төңкөрүш аралыгында 1971-жылдын 12-мартында аскер башчысы менен бирге аба, жер жана деңиз аскерлерин башкарган төрт генералдын колу менен өкмөткө ултиматум сунулган. Анда парламент менен өкмөт «Журтубуздагы башаламандык, элдин бири-бири менен чабышуусу, коомдук жана экономикалык алсыроого алып келди» деген жүйөөлөр айтылып, бир да партияга тиешеси жок технократ премьер-министрдин дайындалуусу талап кылынган. Бул ультиматум менен парламент жана партиялар таратылган эмес, конституция күчүн жоготкон эмес, бирок өкмөттүн иши толугу менен башка нукка түшкөн.

1997-жылы 28-февралдагы аскердик кийлигишүүнүн натыйжасында Нежмеддин Эрбакандын диндар өкмөтү кулатылып, анын ордуна светтик көз караштагы үч партия өкмөт курган. Бул аракет «пост модерн төңкөрүш» атанып, жоолукчан кыздарды университеттерден, диндар адамдарды мамлекеттик кызматтан кетирүү менен коштолгон.

XX кылымда Осмон халифалыгында 5 төңкөрүш болгон. Ошол эле кылымда Түрк республикасында жогоруда ишке ашкан кийлигишүүдөн сырткары дагы 8 ишке ашпаган төңкөрүү катталган. XXI кылымда алты төңкөрүш мерчемделип, бирок ишке ашкан эмес. Алардын баары учурдагы өкмөттүн дооруна туура келет.

## Өткөн жумадагы төңкөрүш аракети

Таййип Эрдоганды жана анын партиясы түзгөн өкмөттү кетирүү аракетин мурунку төңкөрүштөргө салыштырганда кызыктуу окшоштуктар жана айырмачылыктар көрүнөт. Демейде мындай төңкөрүштөр жума күнү кечинде болот. Бул жолкусу да жума түнү башталды. Анткени ишемби жана жекшемби иш күндөрү болбогондуктан козголоңчулар бийликти басып алып, дүйшөмбүгө чейин орун-очок таап алышат. Бирок бул жумадагы аракетте бир нече себеп төңкөрүшчүлөргө каршы иштеген. Биринчиси – карапайым эл өткөн кан жолдорду бөгөө кыска мөөнөттүн ичинде көп адамдын чогулуусуна себеп болгон. Экинчиси – өкмөткө жакын мамлекеттик эмес, жана эл аралык медианын иштеши тоскоол болгон. Мисалы Рэжжеп Эрдоган эл менен CNN Turk телеканалы аркылуу байланышкан. Үчүнчүсү – интернеттеги коомдук тармактар аркылуу элди төңкөрүшчүлөргө каршы көчөгө чакыруу чоң таасир берген.

Аскердик башкаруу толугу менен катышпай, бири-бирин барымтага алганына карасак, өткөн жума түнүндөгү окуялар 1960-жылкы 37 полковниктин ишке ашкан төңкөрүшүнө окшоп кетет. Анда да төңкөрүшчүлөр өздөрүн колдооруна ишене албаган командирлерин бир нече убакыт камакка алган. Акыркы аскердик аракет 1971-жылдын 12-мартында болгон «Ультиматум төңкөрүшүнө» да окшоп кетет. Анткени андан үч күн мурун ушул сыяктуу ишке ашпай калган төңкөрүш болгон. 9-мартта чала чабылып калган саясий бийлик өз билгенин кыла баштаганда, төңкөрүшкө катышпаган төрт эң күчтүү генерал өкмөттү шыпырып түшкөн. Учурда 103 генерал жана адмирал баш болгон 6000ге жакын аскердин камалуусу саясий бийлик качан аскерлердин талуу жерин басат деген чочулоону туудурат.

Туркияда жыл сайын августтун башында аскердик даражалар белгиленип, жетекчилиги кайра дайындалат. Ошондуктан атоо чогулушуна чейин генералдар атаандаштарын жок кылуу үчүн Эрдоганды пайдаландыбы же саясий бийлик армияны тазалоо үчүн генералдарды колдондубу муну так айтуу али эрте.

## Төңкөрүш аракети кимге пайда?

Төңкөрүш аракетинен кийин дароо берген басма сөз жыйынында Түркиянын президенти Рэжжеп Таййип Эрдоган аскерлердин былык ишин «Кудайдын бере койгон белеги» деп баалады. Чын эле «Олчойгон белек» колго тийгени бир күн өтпөй билине баштады. А дегенде эле аскерлерге кайсы капталы менен жанашып калганы белгисиз 3 миңге жакын сот, прокурор жана тергөөчүлөр жумуштан алынып, жоопко тартылышты. 8000дин тегерегинде полис жумуштан куулду. Мындан улам 2013-жылдын 17-24-декабрында Таййип Эрдогандын үй-бүлөсү жана министрлерине каршы ачылган арам тамактык кылмыш иштеринен кийин тымтыракайы чыгарылган сот жана укук коргоо системасында дагы эле иштейм деген киши калган окшойт деген ойго келесиң.

Саясий упай топтоо максатында түрк бийлиги түрдүү шек божомолдорду таратты. Америка кошмо штаттарын (АКШ) күнөөлөп жиберейин деди эле мамлекеттик катчысы Жон Керри бир сөз менен талкан сугунгандай кылды. АКШнын Пенсилвания штатында дарыланган түрк динаятчысы жана дүйнөлүк мусулман аалымы Фетхуллах Гүленди күнөөлөдү эле, ал бул ишке эч тиешеси жок экенин айтты. Аны «Бизге бербейсиңерби» дегенсишти эле, америкалыктар түрк бийлиги беш жылдан бери аалымдын күнөөсүн далилдеген эч бир далил суна албаганын эскертти. Жети ай мурун Орусия менен Түркиянын ортосундагы келишимдерге балта чапкан орус учагын атып түшүү окуясы эсиңизде болсо керек. Анкара шаарынын мэри Мэлих Гөкчек орус учагын аткан учакты да Фетхуллах Гүлендин шакирти башкарган деп агынан жарылды. Анысы аз келгенсип, ал учкуч өткөн жума түнү Эрдоганга каршы төңкөрүшкө катышкан имиш. Ушундан улам Таййип Эрдоганга чейинки түрк президенти Абдуллах Гүл чалгындоо кызматыбыз текей оттоп жүрөбү деген оюн айткан. Бул акыялардан, он миңдеген адамга жаза колдонуусунан жана түрктөрдүн суу кечпеген сотунан чочулаган АКШ менен Евробиримдиктин жетекчилиги «Түркия демократия мыйзамдарын, негизги адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоосу керек. Мыйзам жана укук баарынан жогору туруусу зарыл», – деген биргелешкен билдирүү таратты.

> «XX-кылымда Осмон халифалыгында 5 төңкөрүш болгон. Ошол эле кылымда Түрк республикасында ишке ашкан кийлигишүүдөн сырткары дагы 8 ишке ашпаган төңкөрүү катталган. XXI-кылымда алты төңкөрүш мерчемделип, бирок ишке ашкан эмес. Алардын баары учурдагы өкмөттүн дооруна туура келет».

Түркиядагы акыркы окуяларды толук президенттик башкарууга өтүү максатында Эрдоган өзү эле уюштурган деген жоромолдор да бар. Жарандарга ок атылышы, парламенттин имаратына бомба ташталышы жана аскерлердин туура эмес жерлерди курчоого алуусу ар кандай бүдөмүк ойлорго түрткүдө. Кандайдыр бир теракт, же төңкөрүш болгондо «Андан ким көп пайда тапты» деген суроо коюлат. Бул окуяда эң көп пайда көргөн Эрдоган жана анын айланасы болду. Ал буга чейин өзү каалагандай президенттик башкарууга өтөм деп атты эле, анысы ишке ашканы калды. Жогорку сотто саясатын туура көрбөгөн судьяларды кызматтан ала албай жүрдү эле, эми аларды четтетип тынды. Эрдоган бул төңкөрүш аракетинен кийин сот системасы, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигин бир колго топтой алды. Төңкөрүш аракети Түркияны заманбап демократиядан алыстатып, баш аламандыктан башы чыкпаган Орто Чыгыш жана Африка мамлекеттеринин катарына чоң кадам таштоосуна себеп болду.

Саресеп гезитинин аналитикалык тобу

# Эрдоган «пушистый» жана Гүлен «супермэн»

Түркиядагы козголоңдун илеби Кыргызстанга да таасирин бере баштады. Президенти Рэжжеп Эрдоган динаятчы Фетхуллах Гүленди «Козголоңду башкарды» деп күнөөлөдү. Бул кине аалымдын идеяларына негизделген «Себат» билим берүү мекемелерине шек жаратты. Биз Түркиядагы окуялар тууралуу орусиялык маалымат булактарынан чыпкалама бергенге аракет кылдык

## Биз эмнеге авторитардуулукту сүйбөйбүз?

Биз кыргыз каада-салты жана адаттарына негизделген либералдык демократияны жактайбыз. Биз ошондуктан жеке менчиктин ыйыктыгын жана ал мамлекеттин болгон мүмкүнчүлүктөрү менен корголушу керектигин колдойбуз. Жеке менчик эркин базар экономикасынын алкагында гана үзүр берип, адамды жана коомду байытып, бакубаттуулукка жеткирет. Биз үчүн этегине намаз окугудай ыйык адам жок. «Баланча адамга кол тийгизүү – Жаратканга сыйынууга барабар» дегендерди жактырбайбыз. Ыйык адам, же ыйык топ болушу мүмкүн эмес. Андай болдум дегендер күлкүнү келтирип, жугуштуу илдетке кабылгандар сыяктуу өздөрүнөн оолак болууну талап кылат. Жеке менчикке кол салып, базар экономикасынын эркин иштөөсүнө тоскоол болгондор дал ушундай «ыйыкмын» деген адам жана алардын аркасынан мал сыяктуу ээрчип алган топтор.

Түркиянын учурдагы жетекчилиги өздөрүнө чөгөлөп келбеген адамдардын мал-мүлкүн тартып алууда. Эркин базар экономикасынын бардык мыйзамдарын тебелеп-тепсеп, өз көмөчтөрүнө күл тартып, чатырап байып бараткан бараткан. Ошол себептен улам биз базар экономикасына негизделген либералдык демократияга каршы келген саясий топторго карата бейтараптуулук принцибин карманып тура албайбыз.

## Орустун ЖМКлары эмне дейт?

Темабызга орусча какшыкты бекеринен алып чыккан жокпуз. Орусиянын маалымдоо каражаттары кимдин-ким экенин небак эле аңдашкан. Ошондуктан «чу» дегенде «**Lenta.ru» интернет гезитинде 2016-жылдын 11-мартында (козголоңдон төрт ай мурун) чыккан "Эрдогандын кылычтары же Түркияда эмне үчүн аскердик төңкөрүш абалы жаралды**" деген макаладан узундү келтирели деп чечтик. Анда Түркия боюнча адистешкен Москванын Мамлекеттик университетинин тарых илимдеринин кандидаты Павел Шлыков: "Аскерлердин саясатка кийлигишүүсү Түркиянын өзгөчөлүктөрүнүн бири. Өткөн он жылдыкта өлкө президенти Тайиип Эрдоган аскерлердин саясатка кирүүсүнө бөгөт коюларын ачык эле айтып келген. Түркияда аскердик төңкөрүш үч шарт себепчи болгондо гана ишке ашат. Өлкөнүн ичинде саясий кризис күчөсө, ачык көрүнгөн сырткы коркунуч пайда болсо жана күрд калкынын көйгөйү курчуса. Учурда бул үч шарт бар.

Жакында эле күрд саясатчылары менен алакасын үзгөн Эрдоган 2007-2008-жылдары өзү басмырлаган аскердик элита менен жакындоого мажбур болгон. Айрыкча, 2015-жылы күзүндө күрддөр жашаган аймактарда аскердик аракеттерди күчөтүү үчүн армиянын элитасына даңгыр жол ачып берген. Ал кыска мөөнөттүк кызыкчылыгы үчүн аскерлерди саясаттан сүрүп чыгаруу аракети ката экенин моюндоого мажбур болгон. Учурунда аскерлерди куугунтуктаганын актоо максатында курбандыкка чалчу адамды да тапкан. Ал шордуу катары АКШнын Пенсильвания шаарында баш паанек тапкан түрк дин аалымы Фетхуллах Гүлен экендиги да чечилген.

**17-июлдагы 21:00дөгү ОРТнын "Воскресное время" апталык маалыматтык берүүсү:** "Божомол боюнча Стамбулдагы аскердик козголоң маалында аларга каршы чыккан элдин үстүнөн жапыз учуп коркутууга аракет кылган учактардын бирин орусиялык СУ-24 учагын атып түшүргөн учкуч башкарышы мүмкүн. Анкаранын мэринин айтымында, ал учкуч төңкөрүшчүлөр тарапка өткөн деген. Козголоңдон кийин элге чыгып сүйлөгөн Эрдоган Барак Обамага кайрылып, "Диний насаатчы Фетхуллах Гүленди Түркияга бер" деп кайрылды. Аны Анкара "Козголоңду уюштурган" деп айыптоодо. Түрк президенти Тайиип Эрдоган: "Урматтуу президент мен сизге бир нече ирет бул адамды бергиле деп кайрылгам. Ал жана анын жанындагылар Түркияда төңкөрүш кылуу аракетинде дегем. Сиз мага кулак салбадыңыз. Бүгүнкү козголоңдон кийин менин үнүм сизге жетет го деген ойдомун. Гүленди Түркияга дароо бергиле. Биз силерге каалаган террорчуларыңарды бергенбиз. Силерден ошого окшош мамиле күтөбүз", – деген.

Бул эки адамдын араздашуусу 2000-жылдары башталган. Эрдогандын сөздөрүнөн кийин Фетхуллах Гүлен жашаган жерде бир ууч түрк митинг өткөргөн. Гүлен "Козголоңго катышты" деген айыптоону четке какты. Ал Түркиядагы козголоңду "Кандуу спектакль" деп айыптады. Ал: "Төңкөрүү аракеттерин баамдасаңыз, эч кандай логика таппайсыз. Биз чыныгы төңкөрүштү 60, 71, 80-жылдары көргөнбүз. Мында козголоңчулар бир да саясий лидерге тийген эмес. Алар эч күнөөсүз карапайым калкты өлтүрүштү. Төңкөрүш мындай кылынбайт. Ошондуктан Түркияда оюн ойнолду деген ойдомун", – деди.

Америка кошмо штаттарынын мамлекеттик катчысы Жон Керри Анкара азырынча Гүленди өткөрүп берүү талабын бере электигин, эгер дин насаатчысын алам десе олуттуу негиздеме бериши керек болорун айткан".

**Вести 20:00, 17-июль:** "Эрдоган жеңди, бирок жеңиши узайбы? Эрдоган "Төңкөрүшчүлөр буйрукту Пенсильваниядан алып турган" деди. Аскерлердин күчү менен бийликти тартып алуу бул өлкөнүн саясий салттарына кирет. Буга чейин армия жакпаган өкмөтүн төрт ирет бийликтен шыпырып түшкөн. Бул ирет дайыма өз оюнун ойногон Тайиип Эрдоган аскерлерди чөгөлөтүп, АКШдан Фетхуллах Гүленди талап кылды. Өзүн Осмон халифаларындай сезе баштаган Эрдоганга өз армиясы сокку урду. Буга жооп катары 6000ден ашык адамды камакка алынып, аларга карата өлүм жазасын колдонуу каралууда. Эрдоганды адамдардын өмүрү кызыктырбаган сыяктуу. Бирок козголоңдун негизги себеби – коомдун жиктешүүсү. Учурдагы бийликке эң аз дегенде түрк калкынын жарымы наразы. Биринчиден, Түркия терракттар боюнча биринчи орундарды талаша баштады. Эрдогандын дал өзү күрддөргө каршы согуш аракетерин баштатты. Ошол эле убакта ал өзүнүн жогорку даражадагы аскерлеринен шектенип, аларды дайыма куугунтуктап келет. Аскерлерге каршы кылынган террордук чабуулдарды телеге чыгартпайт. Ошондуктан аскерлер ага наразы болушкан. Түрктөрдүн көбү сөз эркиндигинин чектелүүсүнө наразы. Эрдоган "Аброюма шек келтирди" деген айыптоо менен жеке өзү журналисттерге арыз жазууну адат кылып алган. Бул берене боюнча учурда эки миңге жакын адам айыпталууда. Андан сырткары, өлкөнүн светтик багытын өзгөртөм деген саясатчы сөзсүз аскерлер тарабынан төңкөрүлөт.

Биз Эрдогандын башкы душманы имам Фетхуллах Гүленден маек алдык. Эрдоган аны "АКШнын Пенсильвания шаарынан төңкөрүштү багыттап турган" деп айыптады. Гүлен 77 жашка чыккан. Ал карыган жана оорукчан. Ал: "Мен аскердик кийлигишүүнү эч качан туура деп эсептеген эмесмин. Себеби согуш демократияга жол болуп бере албайт. Аскердик козголоң Эрдоганга өлкөдө аны сындагандарды жок кылууга шарт түзүп берди. Ал буга чейин эле каршы турган адамдарды каматып, мал-мүлкүн тартып алып жаткан. Эми бул аракеттер күчөйт. Анын адамдары Түркиянын сыртында ачылган мектептерди да жаптыруу аракеттерин кылып келишет. Мындан кийин мындай иштерге жаңы дем менен киришет. Мени АКШдан чыгарышат деп коркпойм. Эгер мындай кылынса, мен моюн сунам. Бул козголоң боюнча көз карандысыз эл аралык топ түзүшсүн. Бүт чындык ортого чыксын", – деди бизге. Фетхуллах Гүлендин мектептери АКШ баш болуп дүйнөнүн 150 мамлекетинде кызмат кылат. Анын бай жана таасирдүү жолдоштору бул ишке ченебей жардам беришет".



## Путин менен Гүлендин сөзү бир чыкты

Сирияга аскерин жиберер алдында Орусиянын президенти Владимир Путин Бириккен улуттар уюмунда баяндама кылган. Ал сөзүндө түрк жетекчилиги террорчулар менен бирге сириялык мунайды аткезчилик жолдор менен дүйнө базарына сатып жатканын айткан.

15-июлдагы аскердик козголоңдон соң, түрк президенти Рэжжеп Тайиип Эрдоган АКШдан Фетхуллах Гүленди бер деп талап кылган. Ошентип Эрдоган "Аскерлерди куураты" деп кине койгон дин аалымы бир заматта океандын нары жагында жатып алып аскер башкарган адам болуп чыга келген. Актанууга мажбур болгон Гүлен 17-июль күнү басма сөз жыйынын өткөрүүгө мажбур болгон. Журналисттерди суроолоруна жооп берген аалым: "Түркиянын учурдагы өкмөтү ИГИЛге жана "Аль-Нусра" террордук топторуна жардам берип келген. Азыр да жардамдашып келет. Күч-кубатка ууланган Тайиип Эрдоган алардын жардамы менен Сирия өкмөтүн чөгөлөтөм деп ойлогон. Адамдар ИГИЛге Түркия аркылуу кетип атканы баарына маалым. Ал жактан жаракат алган террорчулар Түркия аркылуу Европага тарап жатат. ИГИЛдин террорчуларын түрк күч органдары кармаса, камабастан өлкөнүн сыртына чыгарып салууда. Эрдоган ага чөгөлөбөгөн аскерлерден түрк армиясын тазалап баштады. Бул тазалоого атайын уюштурулган сыяктуу шекилдеги козголоң жакшы шылтоо болуп берди. Эрдоганга окшогон психикалык жактан оорулуу адамдан кандай болбосун жамандыкты күтсө болот", – деп жооп берген.

Ошентип Владимир Путин менен Фетхуллах Гүлендин учурдагы түрк жетекчилиги тууралуу ою бирдей болуп чыкты. Тайиип Эрдоган кыргыз-түрк лицейлерин жамандап келет. Анын сөзүнө кулак түргөндөр жогорудагы фактыларды эске алышы керек.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Түркиянын Кыргызстандагы жаңырыгы

Бул аптада Кыргызстан сайттарында Түркия көтөрүлүшү дээрлик тынымсыз талкууга алынды. Буга чейин 4 жолу бийликти ээрден оодарып түшкөн аскер күчү бул жолу Түркияда жеңишке жете алган жок. 15-июлдан 16-июлга караган түнү кечке маал башталган көтөрүлүш ошол эле түнү таңга жетпей басылып, уюштуруучулар колго түштү

## Түркиянын Кыргызстанда жаңырган добушу

Бул маалымат ошол түнү да, андан кийинки күндөрү да тынымсыз маалымат булактарынан чыгып, элдин кызыгуусун жаратып турду. Айрыкча Түркия эли менен тыгыз байланышта жашаган Кыргызстан үчүн бул кабар укмуштуудай чоң жаңылыкка айланды. Интернеттеги соц тармактарда түрк элине көңүл айтуудан тартып, ар түрдүү каңшаарларга, эки жаат болуп айтышууларга чейин жеткен талкуулар көп.

Баарынан көп айтылганы Эрдогандын күнөө арткысы келген «Хизмет» жамааты, же тагырак айтканда, дүйнө жүзүнө таанымал динаятчы Фетхуллах Гүлен жана анын Кыргызстандагы «Себат» окуу жайлары болду. Ансыз да бул окуу жайларды тымызын жактырбай жүргөндөр жана алар тууралуу маалыматы аздар үчүн жогорудагы окуя табылгыс кенч болду бейм. Кыскасы, фейсбук баракчасы дүңгүрөп эле жатып калды.

Айрыкча **Кыргыз-Түрк Манас университетинин ректору Себахаттин Балжынын** Манас университетиндеги жыйында айткан сөзү көпчүлүктү катуу кыжырдантты.

*- Менин пикиримде, Түркиядагы окуяны биздин бир тууган кыргыз эли, боордош Кыргызстандын бийлиги терең карап чечим чыгарыш керек. Өз мекенине, өз элине мындай жамандык кылгандар Кыргызстан үчүн канчалык жаман иштерди кыларын эсине алыш керек, - деген ал жыйындагы кебинде.*

## Биздин саясатка сен аралашпа!

Ошентип анын кеби араң турган интернет колдонуучуларды ого бетер дуулдатып кетти. Ошондон көп өтпөй эле кыргыз элине таанылып калган **режиссер Сүйүн Откеев** Себахаттин Балжыга жооп кылып төмөнкүдөй билдирүү таратты:

*- Манас Университетин бүтүрүп, ийгиликтүү иштеп келаткан көптөгөн досторум, ага-ини, эже-карындаштарым бар. Татыктуу билим алышып эми үзүрүн көрүп иштеп атышат. Тилекке каршы, кечээ күнү ошол университеттин ректору Себахаттин Балжы Түркиядагы окуялар үчүн атайын билдирүү таратып, Кыргызстанды да ызычууга тартканга аракет кылганы кыргыз жараны катары мени да аябай өкүндүрдү.*

*Урматтуу Себахаттин мырза! Сиздин Кыргыз жергесинде бир гана милдетиңиз бар! Ал студенттеринизге татыктуу БИЛИМ БЕРҮҮ жана БИЛИМ БЕРҮҮ! Башка милдетиңиз жок! Түркиянын жер менен бир болгон саясатына Кыргызстанды да аралаштырып, кыргыздарды бөлүп жаруу эмес! Саясатчы болгуңуз келсе Түркияңызга барып кыла бериңиз! Сиз Кыргызстандын атын уга элегиңизде Түрк туугандар биякта мектеп ачып иштеп атышкан. Түштөн кийин келип алып биякта кыйын болбоңуз! Сизге окшоп мамлекеттин акчасына эмес, жөнөкөй, карапайым түрк элинин жардамдары менен боордош кыргыз элине жардам берип келишти. Азыркы Кыргыз-Түрк достугунун фундаментин мына ошол сиз көрө албаган, сиз кызганган СЕБАТ Билим берүү мекемелери бекемдеген. Алар сизге окшоп саясий темаларга да киришпейт, популисттик кадамдарга да барышпайт. Тынч гана билимин берип келатышат. Сизге окшоп чет өлкөдө саясий көз караштарын айтышпайт, өз мекендештерин жамандашпайт. Айылдагы жөнөкөй үй-бүлөдөн баштап, Кыргызстанды башкарып келаткан аттуу-баштуу адамдардын балдарына чейин дал ошол сиз кызганган СЕБАТТА окушкан, окуп атышат мындан кийин да окуй беришет. Азыркыга чейин СЕБАТТЫ бүтүргөн миңдеген кыргыздын кыз-жигиттери өз өлкөсүнүн биримдиги үчүн иштеп атышат. СЕБАТТЫ калың кыргыз эли колдойт! Сиздин Эрдоган даярдап берген бир-эки жалааңызга өзүңүздүн гана адамдарыңыз ишенбесе эч ким ишенбейт. Андыктан сизден сураныч, атайын Түркиядан келген "заказыңыз" менен Кыргызстанды бөлбөңүз! Саясий пикирлериңизди айта албай кыйналып атсаңыз, түрк мугалимдериңизге айтып жеңилдеп алыныз. Андан көрө кантип студенттерге мындан да ийгиликтүү билим берсем деп ошону ойлонуңуз!*

*Мындай кыргыз элин бөлүп-жара турган ой-пикирлерди тийиштүү органдар сөзсүз карайт деп ойлойм.*










## Вахабизмди жактырган адам кимди жактырбайт

Андан сырткары, Фетхуллах Гүленди колунан келишинче шыбап, анын окуу жайларын «Американын агенттерин даярдаган жай» деп жар салган Джемаль Гейдар Джахидовичтин видео-баяны араң тургандар менен дагы эле ак менен караны айрымалай албай чочулап тургандар үчүн сонун табылга саналды. Ошентип колдон-колго, баракчадан-баракчага өтүп жаткан Гейдардын тасмасын көрүп, өздүгүн аныктоо үчүн Гууглдан издегенибизде, кадимки Википедия анын шиит-джафарит тутумундагы адам экенин, ваххабисттерди колдоорун, буга чейин бир канча конфликтерге катышып, бир канча жолу мыйзам алдында жооп бергенин маалымдады. Ал эми ал тууралуу билген, буга чейинки кылыктарынан кабардар болгондор Гейдардын сахабаларга чейин тил тийгизип, өйдө-төмөн сүйлөп келгенин айтып чыгышты.

## Бирөөгө жакпайт деп бирөө кыйналабы?

Бирок, интернет беттеринде акыркы күндөрү мындан башка, жеке Кыргызстанга тиешелүү дагы бир маселе дүңгүрөп чыга келди. Кечээ Бишкектин борбордук көчөлөрүнө бакыйта илинген «Кайран элим, кайда баратабыз?» деген маанидеги коомду бөлүп-жарган жарнактардын артынан өлкө жарандары бир сыйра талашка түшүп, мусулман-мусулман эмеске бөлүнүп турганда, азан тууралуу дагы бир кабар дүңк этти. Көрсө, Бишкек шаарынын кайсы бир жашоочулары түнкүсүн үн катуулаткыч менен айтылган азан үнүнө наразычылык билдиришиптир. Натыйжада, бүгүн «азандар түнкүсүн катуу айтылбайт» деген маалымат тарады.

Албетте калкынын көбүн мусулмандар түзүп турганына карабай, күн өткөн сайын мусулманчылыкка каршы чектөөлөр чыга бериши эч кимге жаккан жок. Же бийликтегилер өз элинен ушунча алыстап, өз жарандарынан чочулай турган даражага келип калганбы? Бул да белгисиз. Ошол эле чиркөөлөрдө түш ченде бир саатка чейин урулган коңгуроого эч бир мусулман каршы болгон жок эле. Ошондой эле Бишкектин ичин бербей жайнаган кафелерге, алардын даңка-дүңкүнө эч ким каршы болгон жок эле. Деги бир коом, бир шаар болгон соң бири-биринин ишенимине, кыял-жоругуна түшүнүп жашаш керек беле, же «мага жакпайт», «мен корком» деп эле башкаларды тыя бериш керек беле, бул да түшүнүксүз. Жактырбаган адам, шаар жашоосуна, андагы элдин ар кандай кызыкчылыгына ыраазы болбогон адам же эч ким барбаган айылга кетпейт беле, же мусулмандардан корксо, христиандарга, христиандардан корксо, буддисттерге кете бербейт беле. Айтор, кимдир бирөөнүн кызыкчыгылы, табити үчүн кимдир бирөөнүн укугу чектеле баштагандай көрүнүш пайда болду.

## Демократтар айталбаганды социалист айтты

Айтмакчы, так ушул маселе тууралуу «Ата-Мекен» социалисттик партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев 2015-жылы өтө сонун сүйлөгөн экен. Соц. тармактарда байма-бай бөлүшүлүп жаткандыктан аны да кандай айтылса ошондой берип коюуну туура көрдүк.

*- Мына сен сакал коюп алыпсың. (Мыктыбек Арстанбек менен маектешүүдө) Анын жарашып турат. Аны белиңе чейин коюп алсаң дагы ал биздин конституцияга туура келет. Болгону сиркеси, бити болбосо, андан эмнеге маселе жаратышыбыз керек. Ким кандай кийингенинен эмнеге көйгөй жаратабыз? Мини юбка кийген дагы, хиджаб кийген дагы бирдей укукка ээ болушу керек. Ар ким өз дүйнө таанымына жараша жашаганга укугу бар. Радикалдуу исламдан чочуган биздин мамлекеттик ишмерлер аны менен кандай күрөшүүнү билбей, анын сырткы көрүнүштөрү менен күрөшүп атат. Сакал койсо, хиджаб кийсе бул радикалдуу ислам деп атышат. Керек болсо эки кат хиджаб кийип албайбы. Ал радикализмдин белгиси эмес. Мына ошол хиджаб кийген кыз-келиндер бийлик талашса ошондо гана саясий ислам деп айтыш керек. Тыюу салуу жолун Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан жүргүзүп атат. А ошол эле маалда биз Исламды мамлекет колдосун деп сунуш кылып атабыз. Кыргызстанда мусулман жогорку окуу жайлары ачылсын. Коңшу өлкөлөр мусулманчылыкты кодулап, жерип атканынан пайдаланып, Кыргызстанды Орто Азиядагы мусулманчылыктын борборуна айландырып алалы. Бизде ошол даражага алып чыга турган окумуштуулар, аалымдар бар. Керек болсо андайларды башка жактан чакырып келип иштетип, нефтибиз, алтыныбыз жок болгонуна карабай, ыйман жагынан, дин жагынан алдыга чыккан өлкө болсок жаманбы?*

# Жол кырсыгына күнөөлүү жоопко тартылабы?

Бишкектин Октябрь райондук соту 2-августта эки адамдын өмүрүн алган жол кырсыгынын чоо-жайын териштирүүгө киришет. Алгач 4-июлга белгиленген жараян жабыркаган тараптын толук келбей калганына байланыштуу 15-июлга которулуп, кайра жылдырылган. Кырсыктын кесепетинен кырчындай эки жаш өмүр кыйылганы менен маркумдардын жакындары «Күнөөлүүлөр жазасын алабы?» - деп адилеттик издеп жүрүшөт

## Жол кырсыгынын чоо-жайы

Быйыл 15-апрелде Бишкектин Ахунбаев-Шабдан баатыр көчөлөрүнүн жанында, Көк-Жар айылына барчу кан жолдо КАМАЗ автоунаасы Хонда Фит үлгүсүндөгү унааны басып калып, эки адам бейажал өлүм тапты. Алардын бири жеңил автоунаанын айдоочусу, 40 жаштагы Чынара Уразбекова, экинчиси он гүлүнүн бири ачыла элек 24 жаштагы Адилет Ырысбай уулу. Маркумдардын туугандары бул окуя үчүн жолду оңдоп жаткан "Мост-Групп" менчик ишканасы менен КАМАЗдын айдоочусун айыптап, алар тиешелүү жазасын алышы керектигин айтып жатышат. Негизи, ал кезде Шабдан баатыр көчөсүнүн Беш-Күңгөй айылына кетчү тарабында жол оңдолуп жаткан. Жолдун бир жагы гана ачылып, экинчи тарабы бетон тосмолор менен тосулган. Бирок, жол оңдогон ишкана талапка ылайык белгилерди койбогонун жабырлануучулар билдиришүүдө. Күбөлөрдүн маалыматына караганда, КАМАЗдын айдоочусу да түндө бетонду көрбөй сүзүп, маңдайында келаткан жеңил автоунаанын жол четине чыга качканына карабай, басып калган. Жеңил машиненин алдында отурган айдоочу Чынара менен Адилет оор жаракат алып, каза тапкан. Ал эми арттагы үч адамды куткаруу да оңойго турган эмес. Куткаруучулар картөшкө жүктөлгөн КАМАЗды кран менен көтөрүүгө аракеттенип жатканда ал кайра түшүп кетип, Хонда Фиттегилердин абалын ого бетер оорлоткон. Акыры 4-5 сааттай алпурушкан куткаруучулар машинени кесип, аман калгандарды чыгарышкан. Анын ичиндеги жүргүнчүлөрдүн бири Айсулуу катуу жаракат алып, буту баспай, майып болуп калды. Каза тапкан Адилеттин атаэнеси "Уулубуз жаңы төрөлгөн кызын көрбөй кетти" десе, турмуш кура элек Чынаранын туугандары артында туяк калбаганын айтып, сай-сөөгү сыздап отурат.

## Кырсыкка ким күнөөлүү?

Нарын облусунун Ат-Башы районунун тургуну Адилет Ырысбай уулунун апасы Шайлообүбү Кенжекараева уулунун өлүмүнө КАМАЗдын айдоочусун жана жол оңдогон компанияны күнөөлөп жатат. Жабырлануучунун айтымында, кырсыкка курулуш фирмасынын шалаакылыгы жана кайдыгерлиги себеп болгон. Анткени, буга чейин каттамды оңдоо иштери башталгандан бери жол белгилер, жарыктар коюлбагандыктан жана көчө тар болгондуктан, алты кырсык катталыптыр. Күбөлөрдүн көпчүлүгү жол белгилеринин жок болгонун билдиришип, алардын көрсөтмөлөрү видеого да тартылып, жергиликтүү телеканалдардан берилгенине карабай милиция кырсык үчүн бир гана айдоочуну айыпкер катары көрсөтүп жатканы суроо жаратууда. Иштти тергеген тергөөчү "Жүк ташуучу унаанын айдоочусу жогорку ылдамдыкта келаткан", - деген негизди кармаңып, бардык эрежелер сакталганын жол оңдогон компания сүрөт, видео аркылуу далилдеп бергенин билдирип жатат.

Айрым күбөлөр укук коргоо органдары пара алып, аталган ишкананын сөзүн сүйлөп жатат деп наараазы болууда. Кырсык болгон күнү эч кандай жарыктандыруу болбогонун, кырсыктан кийин гана чукул коё калышканын айткандар көп болгону менен тергөөнүн ага көңүл бурчудай түрү жок. Ал эми аталган жолду оңдоп жаткан "Мост-Групп" ишканасынан комментарий алууга мүмкүнчүлүк болгон жок.






Жол кырсыгы болгон жер



## Күнөөнүн баары күйөөмдүн мойнуна илинди

Эки адамдын өлүмүнө себепкер болуп, камакта отурган КАМАЗдын айдоочусу **Эрнис Камчыбек уулунун жубайы Уланбек кызы Айзада** бардык күнөө жолдошуна төңкөрүлүп жатканын айтып, жолдошу абакка камалса кичинекей балдары менен көргөн күнүбүз кандай болот деп сыздайт.



– Мен жолдошумду күнөөлүү эмес дебейм. Анын дагы жарым-жартылай күнөөсү бар. Бирок аталган окуяга жол оңдогондор да күнөөлүү да. Анткени жол оңдолуп жаткан кезде эч кандай жарык коюлган эмес. Жолдошум кырсыктагандан кийин гана жолго жарык коюлуптур. Ушул убакка чейин жол эмнеге оңдолгон эмес? Сот иштери жүрүп, күбөлөр катышып жатат. Сот отуруму 2-августка жылдырылды. Окуя болгондон бери 3 сот отуруму болду. Күйөөм №1 СИЗОдо 3 айдан бери отурат. Каза болгон тарап, жолдошумду акырын айдаса болмок деп күнөөлөп атат. Жарык жок болгондуктан Эрнис бетон тосумаларын көрбөй калган. Кырсык айтпай келет экен. Эми эмне болорун билбейбиз, акыркы чечимди сот чечет. Бирок жолдошумду соттолот дешүүдө. Ал соттолуп кетсе эмне болот билбейм. Балдарым кичинекей. Жолду оңдогон "Мост-Групп" ишканасы менен байланыша алган жокпуз. Учурда бүт күнөөнүн баары күйөөмдүн мойнуна илинүүдө.

Жол оңдолуп жаткан кезде маркум Чынара Уразбекова жана Адилет Ырысбай уулунан башка дагы Мирлан аттуу жаран ошол жолдон кырсыкка кабылган. Жабырлануучу оңдолуп жаткан жолдо түнкүсүн жүргүнчүлөр үчүн эч кандай жарык орнотулбаганын айтты. Ошондой эле оңдолуп жаткан жолдо талапка ылайык жол белгилери орнотулбай, бетондун үстүнө коюлган деди.

## Коопсуздукка эч нерсе жазылбагандыктан, жоопкерчиликке тартылбайт

Анткени менен биздин өлкөдө жол оңдоочулардын шалаакылыгынан улам жабыр тарткандар булар гана эмес. Бүгүнкү күнү тешилген бойдон далайга чейин бүтөлбөй калган жолдор, капкагы ачылган бойдон калган люктар, эч кандай эскертүүчү белгилер коюлбай туруп сыйрылып калган асфальттар, же татынакай зымырап келип бир заматта шагылга айлана түшкөн шагыл жолдор жана кырк тешик көчөлөр өлкөбүздө миңдеп саналат. Бирок, элибиздин жооштугунанбы, же бийликтин кайдыгерлигиненби, айтор, мындай "душмандык" үчүн эч ким деле жооп бере элек. Болбосо так ошол жолчулардын айынан чыгымга учураган жарандар үчүн ким жооп бериш керек деген суроону эчак көтөрүлүш керек эле.

Айтмакчы, ушундан улам өлкөбүздө таанымал **укук коргоочу Рита Карасартовага** кайрылганыбызда ал төмөнкүдөй жооп кайтарды:



– Негизи, ушундай маселелердин баары стандарттар, смета, техникалык көрсөткүчтөр аркылуу чечилчү. Үй, жол салынса да мамлекеттик стандартка тийиштүү деп жазылчу. Совет доору таркагандан кийин өзүбүздүн стандарттарды жазаган жокпуз. Дүйнөлүк Соода Уюму (ДСУ) менен чогуу келген эл аралык ИСО деген стандартты бийликте отурган кишилер өздөрү көрбөй калган. 1997-жылы ДСУга киргенден баштап дүйнөлүк стандарттын баары бизге келет деп турганбыз. Себеби, аларда ар бир иш-чаранын стандарты бар. Мисалы, билим берүүнүн стандарты, медициналык стандарт, курулуштун стандарты жана техника коопсуздугунун да өзүнө жараша стандарттары бар. Ошол жасалып жаткан жолдо канча бир чакырымдан баштап белгилер орнотулушу керек. Ал белгилер алыстан келатканда эле күйүп көрүнүп турушу керек. Мына ушунун баары жасалбаса жол маселесиндеги чырлар пайда болот. Бүгүнкү күнү бизде техникалык инспекция деген орган бар. Учурда ким жоопкерчилик тартат десең эч кимди таппай каласың. Жасалган ишти текшерип, стандарттар иштеп жатабы деп карай келгенде унчукпай калышат. Биздин көйгөй ушунда. Смета, стандарт нормалар иштебейт. Жолду сала турган ишкана бул ишти өз мойнуна алгандан кийин, ал жерге бирөө кирбесин, унаалар коңторулуп кетпесин, курулуш жүрүп турсун деп карашы керек. Жол оңдолуп жатат деген белгилерди илиш керек. МАИлер жол коопсуздугун карашы керек. Бирок алар тескерисинче, жол оңдолуп жатканын колдонуп, саатына 20 чакырым белгисин коюшат да, бир аз берирээк келип "20 менен жүрчү жолдон 60 менен жүрөсүң" деп айыппул төлөткөнгө даяр турушат. Мамлекеттик же муниципалдык кызматтар элге багытталган эмес. Ар кандай ишканалар сынактардан утуп алат дагы алардын техникалык тапшырмалары, нормалары чала иштейт. Ал эми жоопкерчиликке келгенде баары кыйын болуп "Кана кайсыл жерде норма бузулуп турат?" деп кайра кыйынсынат. Себеби коопсуздукка байланыштуу эч кандай талап жазылган эмес. Ошондуктан эч ким жоопкерчиликке тартылбайт.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Манас Ниязов: Күнүмдүн көпчүлүгү көк бөрү менен өтөт

Көк бөрү кыргыз жигиттеринин чыныгы күчүн, чапчандыгын жана тайманбастыгын даңазалаган спорт. Айыгышкан атаандаштык, нечендеген тоскоолдуктарга бай спорттун бул түрүндө улакчылар кыйынчылыктар менен топтон суурулуп чыгары талашсыз. Акыркы мезгилде мыкты чеберчилиги менен көк бөрүнүн чыныгы жылдызына айланып, көк жалдыгы менен оюндун көркүн ачкан, учурдун атактуу улакчысы Манас Ниязов менен маек курдук

## Атактуу улакчынын бала кези

Кенедейимен көк бөрү менен чоңойдум десем болот. Үй-бүлөбүз менен улакчылар болгондуктан агаларым такай көк бөрүгө барышчу. Мен да алар менен баргым келип ээрчисем, калтырып кетишчү. Байкелеримдин артынан калбай ыйлап, кууп барып жүрүп улакчы болуп кеттим. Алгач айыл арасындагы көк бөрүгө түшүп жүрсөм, кийин "Кожомкул" командасына кошулуп командалык улакты тарта баштадым.

## Командалык улактагы алгачкы учурлар

Командалык улакка алгачкы жолу 2009-жылы 16 жашымда кошулгам. Биринчи жолу мындай оюнга чыкканда аябай толкундангам. Командадан чыгып кетемби деп да ойлогом. Себеби "Жаш экенсиң" дешкен. Алгачкы бир-эки жылда сүрдөп, жакшы жетишкендиктерди көргөзө албай жүрүп, тажрыйба акырындык менен келди. "Кожомкул" командасынын катарында баш аягы 4 жыл оюн көргөздүм.

## Командалык улак менен торпок улактын айырмасы

Торпок улактын айырмасы өзүң каалаган маалда оюнга киресиң, кааласаң кирбей коёсуң. Ал эми командалык улакта сөзсүз түрдө оюн көргөзүүгө милдеттүүсүң. Себеби оюнга кирбесең командаң утулуп калышы мүмкүн. Торпок улакка чабылчу аттарды командалык улакка ойнолчу буудандардай көп суутпайсың, семиз бойдон чаба бересиң. Торпок улактын артыкчылыгы үй-бүлө баксаң болот, себеби байгелер көп коюлуп, тынбай жарым саат сайын байге сайылып турат. Командалык улакта байгени 12 бала бөлүшөбүз, торпок улактан байге утсаң толугу менен өзүңдө калат. Түштүктө торпок улак октябрда башталып, апрелге чейин болот. Издеп чапсаң торпок улак аптанын жума күндөн башка бардык күнү болот.

## Амадор, Бойка тууралуу

Амадор "Кожомкул" командасынын аргымагы. Анын өзгөчөлүгүнө токтолсом, ал аябай акылдуу жылкы болчу. Амадорду 3 асый кезинде мингем. Экөөбүз тең өстүк, мени өстүргөн ошол ат. Кийин Амадор карыды. Учурда Бойка деген буудан менен оюн көргөзүп жатам. Бойка азыр жаш. Буюрса, бул тулпарды дагы 3–4 жыл чабам. Мен шамдагай, зоот, карылуу аттарды жакшы көрөм. Оюнда ат көп нерсени чечет, ошондуктан сөзсүз түрдө ылгап, мыкты тулпар мингенге аракет кылам.

## Өкүттө калган ирмемдер

Андай учур болгон. Акыркы жолу өткөн Жеңиш турниринде финалдык оюнда тилекке каршы, 1–2 катачылыкка жол берип алдым. Атым бир жерден жакшы чуркабай коюп, өзүмдөн да айып кетип калды.

## Эң жагымдуу жеңиш жана эрегишкен оюн

Баардык эле жеңиштер жагымдуу. Өзгөчө эсте калган чоң жеңишибиз катары ушул жылы 9-майга карата өткөрүлгөн оюндарда "Талас" командасын 4:2 эсебинде утканыбызды айта алам. Ал күн жакшы күн болгон. Ал эми Нооруз турниринде финалда "Сары-Өзөн" командасы менен өткөн оюнду кызуу эрегишкен оюн деп эсептейм.



**Толук аты-жөнү:** Ниязов Манас Токтогулович
**Туулган жылы:** 27.04.1993
**Туулган жери:** Ош облусу, Өзгөн району, Дөң-Булак айылы
**Бою:** 182см, салмагы: 83 кг
**Минген тулпары:** Бойка, 1 асый
**Катар номери:** 10
**Спорттогу жетишкендиктери:** Жеңиш турниринин эң мыкты бомбардири (2016), Нооруз турнирин эң мыкты оюнчусу (2016) ж.б.
**Учурда:** "Достук" командасынын оюнчусу, Кыргызстан курама командасынын мүчөсү.



Сүрөт ▸ Zanoza

## Команда тууралуу

"Достук" командасын Мыктыбек жана Алмазбек агаларыбыз жетектешет. Жетечилигибиз бизге талаптагыдай көңүл буруп, жакшы оюн көргөзүүгө шарт түзүп беришет деп айта алам. Командадагы балдардын баары жетекчилигибизге абдан ыраазы. "Достук" командасынын сүрөөнчүлөрү күчтүү десек болот. Бизге колунда бар түштүктүк агаларыбыздын дээрлик көбү демөөрчүлүк кылат. Биз оюнга даярдыкты чоңураак турнир болсо 2 ай мурда, кичирээк турнир болсо 1 ай мурда баштайбыз. Азыркы учурдагы эң негизги планыбыз ортого ойной турган жакшы ат алуу. Мен "Достук" командасына чакыруу менен келгем. Мага өзүмдүн командам аябай жагат. Командага Кыргызстандын туш тарабындагы эң мыкты улакчылар кошулуп, курама команда болдук. Курамдагы 12 бала тең күчтүү балдар жана ынтымактуу командабыз деп айта алам. "Достук" командасы улам алдыга жылып келатабыз, ийгиликтерибиз алдыда, буюрса, жакында биз да чемпион болобуз.

## Башка командага кетпейм

Башка командалардан чакыруулар түшүп турат, бирок "Достук" командасынын катарында эле ойной берем го. Себеби командам өзүмө абдан жагат.

## Күчкө толгон курагым

Менин оюмча күчкө толгон курак келип калды. Мурда кичине жаштык кылчумун, эми чоңоюп бой жеттим окшойт. Командалык улакка кошулганыма 7 жыл болуп калды, жылдан-жылга тажрыйба топтолуп келатат.

## Мекенчилдик тууралуу

Албетте, менде мекенчилдик сезим күчтүү. Бала кезимен көк бөрү оюну боюнча Кыргызстан курама командасынын катарына кошулуп, мекенимдин намысына жарасам деп тилек кылчумун. Бул тилегим орундалып келатат деп айта алам. Буюрса, сентябрь айында өтүүчү дүйнөлүк "Көчмөндөр оюнунда" Кыргызстандын намысын коргойм. Мен ушул күндү аябай күтүп жүргөм. Эми команда менен бирдикте мыкты оюн көрсөтөбүз.

## Көк бөрүсүз турмуш тууралуу

Көк бөрү тартпай калгандан кийинки жашоомду элестетип көрсөм, кичине кызыксыз болчудай. Балким уулдарым улак тартып калса, балдарыма үйрөтсөм кызыктуурак өтөбү деп ойлойм. Себеби уулдарымдын улакчы болушун каалайм жана бул өнөрдө билгендеримди үйрөтөм. Келечекте команда түптөп, машыктыруучу болуу тууралуу да ойлор келет.

## Көк бөрү сиз үчүн...

Көк бөрү мен үчүн абдан жакшы нерсе, менин хоббим. Мен көк бөрү менен элге таанылдым, ушул оюндун аркасында атактуу болдум. Көк бөрү өтө курч мүнөздө ойнолгон, кооптуу, бирок ошол эле учурда жагымдуу оюн. Мага абдан жагат. Күнүмдүн көпчүлүгү көк бөрү тартуу менен өтөт. Жайкысын жайлоого чыгып келем. Көк бөрүдө ой жүгүртүү менен жогорку чеберчилик алдыңкы ролдо турат. Андан сырткары, улакчы абдан шамдагай, чапчаң да болушу керек.

РАХАТ АКМАТОВА

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ
40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!


# Жөлап Таяп Пердоган менен Бирели Жылтырымдын жоругу

Кумурзстандыктар бул жумада эки кулагын түрүп алып Түркуяны гана тыңшап отурушту. Анча-мынча бири-бирин карай калып айтышып, урушуп, ал тургай тытмалаша кетишет да, кайра эле тирмийипирмийип Түркуяны тыңшап калышат. Мунун да өзүнчө себеби бар.

Эки-үч күн мурун айтылуу Түркуянын жоокер кумурскалары чаяндарын чаңыртып, кара курттарын алкынтып минип алып түнү менен жортуулга чыгышкан. Асманда болсо шамалдай сызган аарыларын дарылдатып, саратандарын карылдатып учкуч кумурскалар жүрдү. Карапайым эл мындайды көрүп коюптурбу? Жүрөктөрү ооздоруна тыгылып, ары-бери чуркап дуулдап калышты.

Аңгыча эле бир жактан чарылдаган үн чыгып, ботодой боздоп ыйлаган бирөө пайда болду.

– Жардамгаа! Жардамгаа! Мен байкушту сактап калгылаа!

Түркуялыктардын баары бул өздөрүнүн уяханы Жөлап Тайап Пердогандын үнү экенин билди. Бирок, ал кайда жатып алып чыңырып атканын эч ким билген жок. Айласы кеткен кумурскалар уяханын куткарып калмакка кара курттардын алдын тосо чыгып, чаяндардын бутуна сүйрөлүп жүрүп токтотуп калышты.

Ушуну гана күтүп турган Жөлап Таяп жашынып жаткан уясынан акырын жөрмөлөп чыга келди. Өңү тим эле жумурткасынан жаңы чыккан куурчакчадай мөлтүрөйт. Көздөрү жылтырап, мурду балбаалайт. Үстүн да аппак кылып арпанын унуна оонап алыптыр. Тим эле аппак. Бир жеринде кымындай карасы жок. Анан дагы «Мен ушунтип аппак болуп эле жаткан болчумун» деп койот. Бирок, кичине эле жел болуп кетсе үстүндөгү уну учуп, баягы Сируянын кара майына чыланып, семирип жаткан ырайы көрүнүп калчудай. Кылт эткен сайын улам бир жери шыпырылып абийири ачылып кетип жатты эле, жанындагылар алды-артынан айлана чуркап ун чачып, жаап-жашырып келатат. Өзү болсо «Мен аппакмын. Мен аппакмын. Аппагыңарды сактап калгыла!» – деп улам кыйкырып койот.

Аңгыча андан өтүп унга оонап алган манекбашы Бирели Жылтырым пайда болду да

– Байкуш Пердошум, сени аман көргөн күнүм бар экен ээ! – деп бакырып барып кучактап калды.

Жайнаган кумурскаларды каратып коюп экөө бир сыйра ыйлап алышты да Ак уяга кирип кетишти. Пердоган кыйын экен. Жанатан бери эмне мынча аянычтуу болуп, бети-башы мөлтүрөп калган десе, көрсө бети-башын бойоп, атайылап түрүн өзгөртүп алган тура. Буга керек болсо досу Бирели Жылтырым да таң калды. Уяхан дароо суу алдырып бетин жууп, үстүндөгү аппак ундарын күбүп таштады эле бир карыш эскөн түгү түксүйүп, муруттары чегирткенин кылычындай шартылдап чыга келди.



– Болду! – деди ал жанында дагы эле ыйлап турган Бирелиге. – Кечке бышактайсың да. Андан көрө баягы мен өтүп баратканда жүгүнбөгөн, көлөкөмдү тебелеген, атымды ката жазган, мен сүйлөп атканда кол чаппаган, мен ыйлап атканда ыйлабаган, мен күлүп атканда күлбөгөндөрдүн тизмеси кана? Барып алып кел! Бүгүн ошонун баарын камайбыз. А тиги көчөдө жүргөн жоокерлерди айт, кара курттарга элди салып алып ойноп жүрө бербей кайра ордуна алып барсын. Чаяндын баарын чарчатмай болушту. Аары мингендер дагы бир аз айлана турушсун де. Дагы бир аз айлана турушсун, эч нерсе болбойт. Тур! Чурка! Бол! Бол!

Акыркы сөзүн айтып атканда ушунтип чаңырып жиберди эле ансыз да алаңдап турган Бирелинин оозунан кеби түшүп, чалынып-чулунуп чуркап жөнөдү. Заңгыраган уянын эми оозуна жетип чыга берерде Жөлөп Таяп артынан дагы бир кыйкырды.

– Мунун баарын Барабел кылды де! Оозуңа Барабелден башка бир кеп кирбесин, макулбу?!

Бирели жылтырым жерге жата калып жүгүнүп-жүгүнүп ийди да, ошо тоңкойгон бойдон арты менен басып эшикке чыгып жоголду.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ




*(уландысы)*

Урманбет Кызыл-Кыяга бир эле түнөп кетти. Эртең менен эле. Бүгүн күздөн кабар бергендей күн суук тартып, теректин жалбырактары куюлуп, жер бети сөөктөй кубарып, аба салкындап, чыкыроон тартып турган. Мына бу асманга төбөсү тийип тургандай, бийик заңгилди минип турган коюу кара булут түнөрүп, улам калыңдап бери карай чабуул жасап эңкейип келет.

Урманбет аттанып алган. Биз тышка чыкканда кошунабыз Байболот ары жактан басып келди да сол колу менен көзүнүн шоросун сүртүп жатып:

— Кош эми,— деп туурулган колун сунуп, ошо жерден таман обоой туруп жана: — Эми качан кетесиңер?— деген суроо берди.

Урманбет көчүгүн козгоп, оңдонуп отуруп жатып, дагдайган кең көкүрөгүн жогору көтөрүңкүрөөк коюп, кайраттуу көзү менен кыраандай алыска карап алып:

— Ушундан Караколго барар менен жөнөтөт,— деди.

Атын камчыланып эми жөнөй берерде, каргылданган үнү менен Бурмаке:

—Кош эми, алдыңа кетейин, Кудай оң жолуңдан берсин! —деп карыган көзүнөн сымаптай мөлтүрөп, бетиндеги бырыштын изи менен кулап келе жаткан жашын жолдон тосуп алып, чертип жиберди. Урманбет кайрат менен атын бир камчылап алды да жолго түштү.

Жогору бара түшүп бир тумшуктан бурулуп кетип, ошо бойдон өмүрлүккө жоголгондой болду. Мен элден жалгыз калып, анын караанын жоголгуча жаңкы жерде таман обоой карап турдум да, көрүнбөй калгандан кийин бир аз туруп-туруп, үйгө кирип кеттим.

Түшкө жакын чегедек жүктөп келебиз деп күрөң өгүзгө учкашып алып Бейшемби экөөбүз тоого кеттик. Сайда кетип баратып адатындай зоңкулдап Бейшемби ырдап коёт. Мындай чыкса кайталап ырдай берүүчү бир ыры бар эле. Бул менин да кулагыма сиңип калган:

Сулууну сулуу дейт экен,<br>
Сулууң да сулууң курусун,<br>
Суктантып жанды жейт экен.<br>
Жакшыны жакшы дейт экен,<br>
Жакшың да жакшың курусун,<br>
Жалбартып жанды жейт экен…

Бейшемби ушул ырын айткан сайын мен жакшылар тууралуу соңку үч жолдун маанисине түшүнө албай «жалбартып жанды жейт экен» дегендин себеби эмне деп ойлонуп калаар элем.

## VII

Кыш. Чилде түшүп, аяз барынча күчөп турган кез. Биздин үй жата элек. Бирок түндүн далайы болуп калды. Көп бүлөө бир үйдө коломтону тегеректеп араң сыгылып отурабыз. Менин бир тизем отко жетпей бүктөлүп сыртта калды. Ушундайда мына булар малдаш урбай эле отурсачы! Башарин попоросту дайым катынынан жашырып, биздикине келип тартчу. Мына мында башкалардан жогору болуп уңкуюп ошол да отурат.

— Кыргыздын үйүнө кирсе кишинин алды жылып, арты муздайт экен,— деп коёт.

Эне-атасынын эбак өлгөнү менен иши жок Бекдайыр байкуш берегинде көз жашын көлдөтүп, кардына бирдеме сурап отурат. Эң кичүүбүз ушул. Мындан башкабыз аз да болсо бирдемеге түшүп отурган сыяктуубуз.

Жанымжан жеңебиздин (Бейшембинин зайыбы) кыялы башынан ошондой эле:

—Ыйлаба, көзүң аккыр! Утур эле сага берип отургандай мында толуп туруптурбу? — деп оттун табына кызып турган ысык кычкач менен Бекдайырды шыйрактан ары салып калды. Ал чочуган бойдон бутун аткып тартып алып, чаң этип ачуу дабыш менен бакырып жиберди.

— Алда караңкүн ай, Канышаң өзү өлбөй эле мени тирүүлөй бир бейпайга салып кеткен турбайбы, кокуй!— деп кейип Жанымжанга карады Бурмаке.

— Ыгы жок киришпей отургулачы ары! Булардын ата-энесин мен карызыма бердим беле? — деп Жанымжан суук жүзү менен кайра атырылды.

Ансыз ичи бышып тура албаган, ушундай эле чыр-чатакты күтүп тургандай эзелтен кайгы менен үйүр Элебес бир жагынан илип алып:

— Караңгүн ай, катыгүн ай…— деп ого бетер ырбатып жүрүп кетти.

Суук ырылдап турган колтугунун тешигин кымтып коюп, бүрүшүп ыйлап отурган Бекдайырды көрүп, жаны ачыгандай Башарин:

—Ай, байкуш! —деп акырын гана унчугуп, башын чайкап бурулуп кетип, артында турган сынык каш эзге карады.

Башариндин ушул көрүнүшү биздин оор абалды түшүндүргөндөй эле. Бирок, бул анын сөз жүзүндөгү гана «боорукерлиги» го. Болбосо ушунчалык бай туруп бир кайыры тийбейби? Биз жайды-кыш дебей Башариндин бар жумушун бекер кылып беребиз. Жазында чөп үйгөндө, кош айдаганда, кышында короодон кар тартканда мен атка минип берем. Ала жаздай музоосун кайтарам. Ошончолук эмгегим сиңсе да бир эскисин берген жан эмес. Быйыл гана баласынын бир кайыш курун көпкө асылып жүрүп, араң колго түшүрдүм. Аны да бир далайга сүйрөп, атасына кеңешип туруп анан берди.

Жанымжан болсо жайдыркыш дебей декилдеп, таң заарынан туруп барып мунун уюн саайт. Жетимиш-сексен уй сааш оңойбу? Ушунун көбүн сааган Жанымжан. Уй сааганда болсун жана башка ар кайсы жумуштарда болсун, бул арада Жанымжанга тең келген эч ким жок. Бул жагынан Башаринге жаккан. Уюн саап бергенде анын берери — машинадан чыккан көк кашка сүт. Ушул бир чака сүт үчүн кай жеринен жазып калаар экенбиз деп бир Жанымжан эмес, баарыбыз анын көзүнүн агы менен тең айланып, самаганын кылып берер элек. Минтпеске арга жок. Анткени, бир үйдө каптаган топ бүлөөнү ачтан өлтүрбөй жанын алып калып отурган ушул бир чака сүт эле. Бир чака сүткө бир чака суу кошобуз, ал эки чака айран болот. Оокат!..

Башариндики быйыл Жанымжандын кызматына тоюп, анын баласы—Жумабекке бир эски бешмант берген. Бирок бая күнү келини Жанымжан менен бирдемеден улам уруша кетип, анын ачуусу менен Жумабекти талаадан кармап алып, чыңыртып басып туруп, бешмантын кайра сыйрып кеткен.

*(уландысы бар)*

# Кыргыздардын 2016-жылкы Риодогу Олимпиадада таймашкан күндөрүнүн жадыбалы

Августтун 5инен 6сына караган түнү Бразилиянын борбору Рио-де-Жанейродо 2016-жылкы Олимпиаданын ачылыш аземи болот.

Учурда 19 кыргыз спортчусу Олимпиадага катышуу укугун жеңип алган. Алар: жеңил атлеттер Юлия Андреева, Мария Карабицкая, Виктория Полюдина, Дарья Маслова, Илья Тяпкин; грек-рим балбандары: Арсен Эралиев, Руслан Царев, Мурат Рамонов, Жанарбек Кенжеев; эркин күрөштөн: Айсулуу Тыныбекова, Магомед Иусаев жана Айаал Лазарев; мушкер – Эркин Абдылдабек уулу; сүзүү боюнча: Дарья Таланова менен Денис Петрашов; оор атлетикадан: Иззат Артыков жана Жаңыл Окоева; дзюдо боюнча: Юрий Краковецкий менен Отар Бестаев.

Кыргыздардан биринчи болуп дзюдочу Отар Бестаев 6-августа спорт майданына чыгат. Ал 60 килге чейинки салмакта атаандаштары менен кыл чайнашмакчы.

Кыргыздар төмөнкү жадыбалга жараша Бишкек убактысы боюнча кармашка чыгат:

**5-август**
04:45те Ачылыш аземи

**6-август**
19:00, дзюдо, 60 килге чейин, Отар Бестаев
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап, 81 килге чейин, Эркин Адылбек уулу
02:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
04:00, оор атлетика, 48 килге чейин, Жаңыл Окоева

**7-август**
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
22:00, сүзүү, 100 м., брасс, Дарья Таланова
02:00, бокс, кечки сессия, баштапкы этап

**8-август**
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
02:00, бокс, кечки сессия, баштапкы этап

**9-август**
19:00, оор атлетика, 69 килге чейин, Иззат Артыков
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
22:00 сүзүү, 200 м, брасс, Денис Петрашов
02:00, бокс, кечки сессия, баштапкы этап

**10-август**
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
02:00, бокс, кечки сессия, баштапкы этап

**11-август**
20:00, бокс, күндүзгү сессия, баштапкы этап
02:00, бокс, кечки сессия, баштапкы этап

**12-август**
19:00, дзюдо, 100 килден жогору, Юрий Краковецкий
20:00, бокс, күндүзгү сессия, финалдын 1\4
02:00, бокс, кечки сессия, финалдын 1\4

**13-август**
18:00, жеңил атлетика, 10 000 м., Дарья Маслова
20:00, бокс, күндүзгү сессия, финалдын 1\4
02:00, бокс, кечки сессия, финалдын 1\4

**14-август**
18:00, марафон, Юлия Андреева, Ксения Полюдина, Мария Карабицкая
19:00, грек-рим күрөшү, 59 килге чейин, Арсен Эралиев
20:00, бокс, күндүзгү сессия
02:00, бокс, кечки сессия

**15-август**
19:00, грек-рим күрөшү, 85 килге чейин Жанарбек Кенжеев, 130дан жогору Мурат Рамонов
20:00, бокс, күндүзгү сессия
02:00, бокс, кечки сессия

**16-август**
19:00, грек-рим күрөшү, 66 килге чейин, Руслан Царев
20:00, бокс, күндүзгү сессия
02:00, бокс, кечки сессия

**17-август**
19:00, эркин күрөш, 58ке чейин, Айсулуу Тыныбекова
23:00, бокс

**18-август**
23:00, бокс

**19-август**
23:00, бокс

**20-август**
19:00, эркин күрөш, 125 килге чейин, Айаал Лазарев
23:00, бокс

**21-август**
17:30, эркин күрөш, 97 килге чейин, Магомед Мусаев
18:30, марафон, Илья Тяпкин
23:00, бокс
04:15 Олимпиаданы жабуу аземи











